Борбордук Азия Университети

**Мунх-Эрдэнэ Гантулга, Ариэл Ахерн, Трой Стернберг**

# Илимий макала жаратуу жана аны эл аралык чөйрөгө жеткирүү

## (Жаш илимпоздор үчүн колдонмо)

Англис тилинен кыргызчага которгон:

**Тынчтыкбек Чоротегин (Чороев),**

тарых илимдеринин доктору, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин профессору

Жооптуу редактор:

доктор Кемел Токтомушев

Бишкек – 2024

Бул колдонмону кыргыз тилинде жарыялоо иши Борбордук Азия Университети тарабынан каржыланды

ББК

УДК

Г –

Гантулга, Мунх-Эрдэнэ; Ахерн, Ариэл; Стернберг, Трой.

Илимий макала жаратуу жана аны эл аралык чөйрөгө жеткирүү: (Жаш илимпоздор үчүн колдонмо) / Авторлор тобу: Мунх-Эрдэнэ Гантулга, Др. Ариэл Ахерн, Др. Трой Стернберг; англис тилинен кыргызчага которгон – профессор Тынчтыкбек Чоротегин (Чороев); жооптуу ред. Др. Кемел Токтомушев. – Бишкек: Борбордук Азия Университети, 2024. – xxx бет, сүрөт.

Бул чакан окуу колдонмосу илимий иликтөөгө жаңыдан киришип жаткан жаш адистерге илимий макаланын жана эмгектин маани-маңызы, жазылыш жагдайлары, эмгектин максаты жана жүйөөсү, методология жана усулдар, илимий чынчылдык, плагиаттыкка жол бербөө, илимий адабиятка астейдил мамиле кылуу, макаланы эл аралык илимий чөйрөгө жеткирүү, “жырткыч сымал” журналдардан сак болуу, интернеттеги ачык маалымат кампасы жана башка көйгөйлөр жаатында жеңил чагылдырат жана бир катар пайдалуу сунуштарды ортого салат.

Кыргызчаланган бул колдономо китеп кыргыз тилинде таалим алып жана иликтөө жүргүзүүгө талпынып жаткан магистранттарга, аспиранттарга жана башка жаш илимпоздорго арналат.

ISBN –

© Мунх-Эрдэнэ Гантулга; Ариэл Ахерн; Трой Стернберг, 2024

© Т. Чоротегин, кыргызча котормо, 2024

## МАЗМУНУ


АЛГЫ СӨЗ (Т. Чоротегин) ........................................ 5

1. Изилдөө философиясына жана теориясына киришүү ........................ 10
2. Илимий адабият ........................................
3. Изилдөө темасын кантип тандоо керек жана изилдөө маселесин кантип жазуу керек? ........................................
4. Коомдук илимдердеги жалпы усулдар ........................................
5. Изилдөө жүргүзүүнүн адеп-ахлагы (этикасы) ........................................
6. Жүйөө келтирүүнү өнүктүрүү ........................................
7. Тикелей шилтемелер жана адабиятка шилтеме жасоо ........................................
8. Маалыматты сапаттык сапаттык талдап-серептөө ........................................
9. Илимий эмгек жазууда күтүлчү жагдайлар ........................................
10. Илимий эмгегиңиздин түзүлүшүн даярдоо ........................................
11. Илимий макаланы жарыялоо үчүн журнал тандоо ........................................
12. Илимпоздук өмүр баяныңызды жана эл аралык изилдөөчүлүк бейнеңизди даярдоо ........................ 117

Авторлор тууралуу кыска маалымат ........................................ 120

# АЛГЫ СӨЗ

Илимпоз болгуңуз келеби? Алгачкы илимий макаланы жазууга ниет кылып жатасызбы? Анда ушул колдонмону да окуңуз.

Өзүнүн туңгуч макаласын, рефератын, дипломдук ишин же магистрдик диссертациясын жазууга беленденген жаштар, адатта, ишти эмнеден баштаарын билбей, караңгыдан жол тапканга огожо болчу шамды издеп кайсалап калышат. Баарына кызыгы, бул баскычты дасыккан окумуштуулардын бардыгы өтүшкөн.

Албетте, алгачкы тажрыйбалык кадам таштоодо улам жаңы калпыстыктарга жол коюу жана андай каталарды бара-бара оңдоп кетүү мүмкүнчүлүгү ар ким үчүн даяр. Ошондо да туура эмес усулду тандап алып, катадан катага жол коюп, илимий деңгээлге таптакыр чыга албай калганын аңдабастан өмүр кечирген калемгерлер деле арбын.

Деги кайсы эле идиректүү улан-кыз өзүнүн туңгуч макаласы илимий деңгээли жагынан бөксө чыгып калышын кааласын!

Кадыресе калемгердин чыгармасынан илимпоздун эмгегинин айырмасы эмнеде? Фактка, булактарга негизденгенинде, тандаган илимий усулдарында.

Мен бир кездеги советтик марксисттик-лениндик методологияга негизделген илимий мектептен өткөн жана бул методологиянын дурус жана калпыс жактарын өз алдынча таразалап алган илимпоздордун биримин.

Мага да Кыргыз мамлекеттик университетинин (азыркы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети; КУУ) тарых факультетинде 1-курста тарых илимдеринин кандидаты, профессор Мидил Бегимаалы уулу Жамгырчинов, 2-курста доцент Сейне Искенова (Ксения Мороз), кийин профессорлор Анварбек Хасанов, Вольтраут Фрицевна Шелике, философ Роза Исак кызы Отунбаева жана башка нечендеген агай-эжейлерибиз илимий ишти кантип жазуу керектиги тууралуу баалуу сабактар беришкен.

Андан тышкары илимий иш жазуу жаатында усулдук жолдомолор да маал-маалы менен жарык көрүп турган.

Ал эми колубуздагы колдонмо китептин өзгөчө баалуулугу – аны Батыштагы (анын ичинде Улуу Британиядагы) заманбап илимий мектептерден таалим алган дасыккан жана жаш окумуштуулардын өз тажрыйбаларына жана полиглоттук билимине таянуу менен сунуштașкандыгына байланыштуу.

Албетте, бул колдонмону сын көз менен карап жатып которгонумду жашыра албайм.

Колдонмонун мыкты өзгөчөлүктөрүнүн бири – анда кайсы бир саясий методологиялык усул эч таңууланбайт (мурдагы Советтер Биримдигинде болсо эмгек сөз жүзүндө болсо да «марксисттик-лениндик методологияга негизделген» деп шардана кылынбай турган болсо, анда ал ачык жарыяланчу эмес; албетте, андай эмгектер жашыруун басмалар аркылуу же кол жазма түрүндө же Батышка жөнөтүлүп гана таркалышы ыктымал болгон).

Жалпы эле дүйнөлүк илимдеги орток асыл-нарктар бул колдонмодо таасын берилген. Анын ичинде илимдеги плагиаттыкка каршы күрөш бардык эле чыныгы илимий мекемелерде жана мектептерде мурда дагы, азыр дагы жүргүзүлүп келет. Мисалга алсак, 2011-жылы Германиянын Коргоо министри Карл-Теодор цу Гуттенберг (*Karl-Theodor zu Guttenberg*) мырза, ал эми 2021-жылы Германиянын Үй-бүлө, карыялар, аялдар жана жаштар маселелери боюнча министри Франциска Гиффай (*Franziska Giffey*) айым өз диссертацияларында плагиаттыкка жол беришкендигинен улам коомчулукта чуу чыккан соң, министрлик кызматтарынан чегинүүгө аргасыз болушкан.

Кээ бир жабык (авторитардык жана диктатордук) өлкөлөрдө плагиаттыгы далилденгенден кийин деле өз кызматтарында кала берген төбөлдөр, саясатчылар жана илим даражасынын ээлери учурашат.

Ал эми илим – адилеттик, ачык-айкындуулук, калыстык, чынчылдык болгон шартта гана өнүгө алат. Бул – жалпы дүйнөлүк асыл-нарк. Байыркы доордо жана орто кылымдарда дагы өз булактарын калыс көрсөткөн илимпоздордун жаркын салты калыптаган.

Бул колдонмодо ушул сыяктуу адеп-ахлактык жагдайлар гана сыпатталбастан, кайсы англис тилдүү кадыр-барктуу журналдарга макала жөнөтүү алгылыктуу экендиги, айрым “жапайы жырткыч сымал” журналдардан этият болуу керектиги, тикелей шилтемелердин жана илимий адабиятка шилтемелердин зарылдыгы сыяктуу маселелер да таасын чагылдырылган.

Биз ушул колдонмодо англис тилдүү журналдар көбүрөөк назарда тутулгандыгын да ачык колдойбуз, анткени Кыргызстандын жаш илимпоздору өз макалаларын жана китептерин буга чейинкидей жалаң гана кыргызча, түрк тилдеринде же орусча жарыялап чектелбеши керек. Алар өз табылгаларын англис тилдүү илимий чөйрө аркылуу төгөрөктүн төрт бурчундагы алда канча кеңири калайыкка тезирээк жеткире алышат.

Колдонмонун авторлору илимпоздогу сабырдуулукту жана ырааттуулукту да өзгөчө белгилешет. Өз тажрыйбам көрсөткөндөй, АКШда жана Парижде (ЮНЕСКОдо) жарыяланган айрым илимий макалаларым бир нече жылдап оңдолуп, улам кайра такталган.

Ушул колдонмонун авторлору заманбап беделдүү илимий журналдар дагы ушундай талаптарды коёорун, ар кыл жаңы илимий макалага сырткаркы илимпоз

адистердин сын көз менен жазылган пикирлери ар дайым талап кылына тургандыгын калыс эскертишет. Албетте, илимпоз сын пикирдеги айрым өңүттөргө (эгерде автордун татыктуу жүйөөсү жана далили бар болсо) макул болбой коюуга да акылуу.

Өтө жеңил тилде жазылган жана тийешелүү илимий адабият тизмеси, сүрөт, жадыбал жана башка каражаттар менен жабдылган бул колдонмо – эч кандай өзгөртүлбөй турган Куран, Инжил же башка ыйык китеп эмес. Колдонмо ар бир жаш илимпозду өз алдынча ойлонууга жана демилгелүү болууга, илимдин чечиле элек көйгөйлөрүндөгү улам жаңы өңүттөрдү иликтөөгө өз алдынча салым кошууга шыктандырат.

Эми алгы сөзүбүзгө чөлкөм таануу жаатындагы бир өңүттү саал кошумчалай кетсек. Дегиңкиси, илимге жана билимге чакыруу – Чыгышта да, Батышта да эзелтеден жасалып келген. Дүйнө тарыхынан бул жаатта дурус кабардарсыздар.

Ала-Тоодогу мурасыбызга кайрылсак, мындан дээрлик он кылым илгери, 1069–1070-жылдары, акын бабабыз Жусуп Баласагын өзүнүн “Кутадгу билиг” (“Кут билим” же “Куттуу бийлик”) чыгармасында так илимдерди үйрөнүүгө чакырган:

“Билейин десең, окугун эсеп илимин,

Ачылаар сандардын капкасы ушундан кийин.

Үйрөнгүн көбөйтүп, бөлүүнү, түгөл бил бөлчөгүн,

Балким, бул - сыноодур билимдин өлчөмүн.

Көбөйтүүнү даражага, кемитүүнү жетик бил,

Ушундан соң тамырлардан чыгарууну тетик бил.

Жана аянтты кошуп, алып, өлчөөгө өт,

Жети кат асманды аягыңда чымча тут.

Дагы калса “ал-жабр ва-л-мукабал” (алгебра илимин) оку,

Евклиддин (Оклидистин) капкасын эринбей соккун”.

Байкасаңыз, бул саптарды эч кандай так илимдердин өкүлү эмес, ойчул акын жана мамлекеттик ишмер калтырган!

Ал эми тарыхчы Осмонаалы Кыдык уулу Сыдыков (1875–1942) болсо өзүнүн кыргызча арап арибинде 1914-жылы жарыялаган “Тарых-и кыргыз шадманиййа” (“Шабданга багышталган Кыргыз тарыхы”) деген китебинде санжыралык маалымат берип, өз жердеши Кудайберген Үркүнчү уулу Төрөгелди небереси жөнүндө сөз кылганда, америкалык көрүнүктүү ойлоп табуучу жана ишкер Томас Эдисон (*Thomas Alva Edison*; 1847—1931) тууралуу учкай эскере кеткен:

“...Үркүнчүдөн — Өтөмбай, Кудайберген. Кудайберген бу дүйнөнүн доорун жалгыз өзү сүрдү десе болор. Жалаң ойун-тамаша үстүндө жүрдү. Эгерде-илимдүү элдин ичинде болгондобу, экинчи *Адисон* (б.а. Эдисон. — Т.Ч.) болмок”.

XX кылымда (анын ичинде совет доорунда) Кыргызстанда ар кыл илимий тармактар дүркүрөп өнүктү. Бирок эми жаш муундардын алдында өлкө илиминдеги азыркы деңгээлди андан ары жогорулатуу үчүн дүйнөлүк саамалыктарды өздөштүрүү жана жаңы табылгаларды эл аралык илим чөйрөсүнө сунуштоо милдети турат.

Дал ушул жаатта англис тилдүү илимий адабиятка сүңгүүгө мыкты түрткү болчу өтө баалуу колдонмону сунуштаган замандаштарыбызга – Ички Азияда жана башка чөлкөмдөрдө заманбап антропологиялык иликтөөлөр жүргүзүп жатышкан окумуштууларга – теги монголиялык Мунх-Эрдэнэ Гантулга мырзага, британдыктар – Доктор Ариэл Ахерн айымга жана Доктор Трой Стернберг мырзага терең ыраазычылык билдиребиз.

Кыргызча котормонун жоопту редактору, Доктор Кемел Токтомушев мырзага жана, ошондой эле, бул кыргызча котормону жарыялоону каржылаган Борбордук Азия Университетинин жетекчилигине да ак дилден алкыш айткыбыз келет.

Ал эми азыркы жаш иликтөөчүлөргө төмөнкү латынча накыл сөздү жолдойбуз: “*Per aspera ad astra*” – “Кыйынчылык аркылуу (илимдеги) Жылдызга (жеткиле)”.

**Тынчтыкбек Чоротегин (Чороев)**,

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Чөлкөм таануу жана кыргыз таануу кафедрасынын профессору, тарых илимдеринин доктору.

Orchid ID: 0000-0002-2833-3160

26.09.2024.

# 1. Изилдөө философиясына жана теориясына киришүү



Бул дарс түрмөгү студенттерге коомдук илимдер боюнча изилдөө тажрыйбасынын өзгөчө зарыл философиялык негиздерин жабдып берүүгө багытталган. Биз билим өндүрүүнүн бир түрү болгон илимий изилдөөнүн билим өндүрүүнүн башка түрлөрүнөн кантип айырмаланып тураарын кароо менен баштайбыз. Андан кийин биз коомдук илимдердеги онтология, эпистемология (гносеология) жана жалпы изилдөө парадигмалары түшүнүктөрү жаатында башаттык маалымат беребиз.

Бул дарс түрмөгү дүйнөнү түшүнүүнүн бир жолу болуп саналган теория жана философиялык көз караштар изилдөөнүн максаттарын чечмелеп түзүүгө жана изилдөө натыйжаларын чагылдырып көрсөтүүгө кандайча олуттуу салым кошуп жаткандыгына өзгөчө көңүл бурдурат.

Биз, андан тышкары, теориялык көз караштар (б.а. "изилдөө парадигмалары") эмпирикалык изилдөө долбоорунун алкагында суроого мүмкүн болгондой чектерге кантип назар бураары жаатында талкуулайбыз.

Эң соңунда биз институттардын, билимдин жана бийликтин ортосундагы байланышты жана, ошондой эле, коомдук илимдердеги билимди деколонизациялоого (жарамсыз түшүнүктөрдөн арылтууга) багытталган жаңы агымдарды талкууга алабыз.

Изилдөө философиясына жана теориясына киришүү

Бизге, ишибизди баштоо үчүн, “деги изилдөө деген эмне?” деген суроого токтолуубуз кажет. Илимий изилдөө, деги, журналистика же көркөм чыгармачыл жаратмандык сыяктуу билимди өндүрүүнүн башка түрлөрүнөн эмнеси менен айырмаланат? Илимий изилдөө жүрүмүндө башкалардан айырмалуу болчу

тийешелүү өзгөчө жагдайлар барбы? Бул жерде сиз кээ бир идеяларды жаза кетсеңиз болот.

Биздин мурдагы тренингдерибиздин жүрүшүндө студенттер бул суроого төмөнкүдөй ойлорун ортого салып жооп беришти:

"Илимий изилдөө методологияга негизденет же баскыч-баскыч менен жүргүзүлөт".

"Изилдөө оригиналдуу ой жүгүртүүнү талап кылат".

"Илимпоздор өз эмгектеринде адабиятка шилтемелерди жана тикелей шилтемелерди (цитаталарды) колдонушат".

"Илимий изилдөө жарыяланганга чейин тийешелүү адистик сындан өтөт".

"Илимий изилдөө, адатта, узак убакытты талап кылат".

Изилдөө деген эмне деген суроого илимпоздор кантип жооп узатышат?

"Изилдөө – бул маалыматтар топтомун же маалыматты системалык түрдө чогултууну, талдоону жана чечмелөөнү камтыган иликтөө жүрүмү болуп саналат".

Inyang, E. 2017, 5-бет.

“Сапаттык изилдөө – бул табигый келип чыкчу жагдайларда кишилердин өз ара коомдук карым-катнашын изилдөөнүн бир жолу. Изилдөөчү маалыматтарды чогултуу жана иликтөөдө байкоого алынган жана ачылган кубулуштарды түшүнүү же чечмелөө аркылуу бул жүрүмдө чечүүчү ролду ойнойт”.

Lichtman, M. 2017, 12-бет.

Изилдөөдө кабыл алынган келишимдер (жоболор)

Илимий изилдөө, адатта, бир нече эрежеге ылайык жүргүзүлөт. Бул эрежелер изилдөө кандайча жүзөгө ашырылып жана бааланып жатканын маалымдашат. Алар ошондой эле илимий жазуу ыкмаларын (стилдерин) маалымдашат.

Коомдук илимдердеги көпчүлүк изилдөөлөр кандайдыр бир күтүлгөн калып боюнча жүзөгө ашырылат. Экспертиза жана баалоо жаатын алсак, маселен, диссертация жана PhD изилдөө долбоорлору бар; ал эми илимий гранттык сунуштарды баалоо жаатында – баалоочулар изилдөөнүн кабыл алынган эрежеге ылайык жүрүмдө уюштурулганын карашат же сиз тандаган өзгөчө жүрүмдүн түшүндүрмөсүн жана негиздемесин таразалашат. Мындай таразалоонун себеби билимди өндүрүү жүрүмүндө Сиз айткыңыз келген билдирүүнүн же арыздын "жарактуулугуна" байланыштуу кооптонууларга барып такалат. Биз бул жүрүм жаатында кийинчерээк талкуулaverагыз.

Коомдук илимдерде изилдөө жоболорун сынга алуу аракеттери жана илимий изилдөө ыкмаларын, илимий чечмелөө ыкмаларын, жазуу форматтарын жана дагы (көркөм чыгармачылык жазма эмгектеринен киного чейин камтыган) көбүрөөк саамалыктык жаратмандык натыйжаларды өнүктүрүү далаалаттары орун алууда.

Бул колдонмонун жана кириш сөздүн максаттары үчүн биз бир нече маанилүү жоболорду өзгөчө чагылдырып кетмекчибиз.

1. (Жобо) көйгөйдөн жана/же суроодон келип чыгат жана аны жетекчиликке алат;

2. Белгилүү бир планды жана усулдарды жетекчиликке алат;

3. Маалыматтарды чогултууну жана талдоону талап кылат;

4. Маалыматтарды чечмелөө жана талдоо үчүн концептуалдык негиздерди колдонот.

5. Суроого жооп берүү жана/же көйгөйдү чечүү үчүн жыйынтыктарды жана корутундуларды сунуштайт.



Тегиздөө (шайкеш кылуу)



- Изилдөөдө маалындагы суроолоруңуздун, методологияңыздын, маалыматтарыңыздын жана жалпы жүйөөлөрүңүздүн ортосундагы "тегиздөөгө" же шайкештикке жетишүүнү максат кылыңыз.
- Сиз эмне үчүн кайсы бир конкреттүү ыкманы тандап алганыңызды негиздей алышыңыз жана өзүңүздүн усулдарыңызды жана акыркы натыйжаларды тандооңузду ошол ыкмага шайкеш кылышыңыз керек.

Илимий изилдөө жана мекемелер (институттар)

Илимий изилдөөлөр бул жагдайларды да камтыйбы?

- Коомдук ишмердүүлүкпү?
- Саясаттын же коомдук "модалык агымдардын" таасири астындабы?
- Мекемелерде чырмалышып калганбы?
- Тышкы каржылоого көз карандыбы?
- Чектелгенби жана жарым-жартылай чектелүүбү? Объективдүүбү жана универсалдуубу (жалпыга таандыкпы)?

Илимий мекемелердин (институттардын) иш жүргүзүүсүнө жана изилдөөлөрдүн кандайча каржыланышына таасир этүүчү көптөгөн өңүттөр (факторлор) бар..

Изилдөөнүн демейдеги тажрыйбасы изилдөө эрежелерине ылайык түзүлсө дагы, илимий изилдөөнүн кеңири жүрүмдөрү мыйзамдар, жоболор жана мекемелердин (анын ичинде Сиздин университетиңиздин) ички эрежелери, сиз иликтөө жүргүзүп жаткан өлкөнүн укуктук системасы жана, ошондой эле, каржылоочу органдар жана илимий коомдук бирикмелер тарабынан жөнгө салынып турат.

Илимий изилдөөнү долбоорлоо жүрүмүңүз маалында кайсы мыйзамдар, жоболор жана эрежелер өз иликтөөңүзгө таасир тийгизиши ыктымалдыгын аңдап алышыңыз олуттуу мааниге ээ.

Сиз илимий изилдөөнү долбоорлоо баскычында төмөнкү суроолордун айрымдарын беришиңиз мүмкүн:

- Сиздин университетиңизде адептүүлүктү (этиканы) текшерүү талап кылынабы?
- Университетиңиз же өнөктөштөрүңүз тарабынан ыктымал тобокелдикти баалоо талап кылынабы?
- Сиз иштеп жаткан өлкөдө же коомчулук тобунда адептүүлүктү баалоо чаралары талап кылынабы?
- Өз темаңыз боюнча изилдөө жүргүзүүңүз үчүн сизге өкмөттөн же жергиликтүү бийликтерден кандайдыр бир расмий уруксат кагазы керекпи?
- Долбоордун акырында өз университетим же каржылоочу тарап менден кандай натыйжаларды күтөт?

Кыйла сын көз караШта болгон илимпоздор дагы саясаттын, каржынын жана басма компанияларынын илимий изилдөөлөргө тийгизген таасирин моюнга алышат. Бул "билим экономикасы" (Olssen et al 2015) деп аталат, анын ичинде Elsevier жана Taylor & Francis сыяктуу ири соодалык басма компанияларынын ролу да камтылган. Улуу Британиянын изилдөө кеңештери (UKRI) сыяктуу изилдөөлөрдү каржылоо органдары мамлекеттик орган болуп саналат. Улуу Британиянын Илимий Кеңешинин илимий изилдөөлөрдү каржылоосу, демек, изилдөө жана өнүктүрүү үчүн мамлекеттик каржылоо түрү дегенди туюнтат. Мисалы, Oxford/AstraZeneca Covid вакцинасы дээрлик толугу менен Улуу Британиянын өкмөтү тарабынан каржыланган.

"Өкмөт Оксфорд университетинин иликтөө тобун колдоп, оболу 2016-жылдан бери анын вакцина технологиясына жана 2020-жылдын мартынан тартып COVID-19га каршы эмдөө заттарына капиталдык салымдар киргизди; өкмөт анын вакцинасын изилдөөгө, иштеп чыгууга жана өндүрүүгө жардам берүү үчүн 88 миллион фунт стерлингден ашык каражат жумшады".

-www.gov.uk/government/news/one-year-anniversary-of-uk-deploying-oxford-astrazeneca-vaccine

Изилдөөнү долбоорлоо

"Изилдөө усулун жүзөгө ашырууну жана иликтөөдө алынган маалыматтарды талдоону багыттаган түзүлүш".

Clark et al (2021), 39-бет.

Долбооруңузду иштеп чыгууда төмөнкү суроолорду көңүлүңүздө тутуңуз:

- o Билим деген эмне?
- o Маалымат топтому деген эмне? Жарактуу же баалуу маалымат катары эмнелер эсептелет?
- o Билимди пайда кылууда кимдердин үндөрү жана көз караштары эсепке алынат?
- o Илимий изилдөөлөр жекече жана мекеме алкагында кантип жүзөгө ашырылат?
- o Биздин суроолорубуз кандай жоромолдорго негизделген?
- o Изилдөөнү кандай теориялар же ишенимдер жетектөөгө алышат?
- o Убакыт жана каржылык чектөөлөрдү эске алганда, изилдөө темаңыз боюнча маалымат чогултуу мүмкүнбү?
- o Изилдөөңүздү жүргүзүү үчүн сизге кандай жабдуулар же атайын көндүмдөр керек? Мисалы, тил билүү же башка техникалык жөндөмдөр зарылбы?

Изилдөөнү долбоорлоо – бул жалпы архитектура болуп саналат; ал изилдөөгө түзүлүш ыйгарат жана иликтөө багытын берет.

Төмөнкүлөрдү назарыңызда тутуңуз:

- Долбоорду башкаруу жана пландаштыруу: тобокелдиктер, ресурстар, мамилелер
- Изилдөөнү долбоорлоо – изилдөө усулдарына тете эмес
- Изилдөөнү долбоорлоо жоболору ар кыл илимий тармактар боюнча өз ара айырмаланышат.

Ушул алты сөздөн турган сүйлөмдү эсиңизде тутуңуз:

Алдын-ала таасын пландоо майнапсыз натыйжаны болтурбайт

Философиялык суроолор – Чындык деген эмне? Билим деген эмне?

Эпистемология = Билим теориясы

Эпистемология онтология менен байланыштуу. Эгерде онтология “Турмуш чындыгы деген эмне?” деп сураса, ал эми эпистемология “Турмуш чындыгын кантип биле алабыз?” деп суроо салат.

Изилдөөнүн долбоорундагы эпистемологиялык ой чабытка төмөнкүлөр кирет:

• Жарактуу жана кабылдоого алгылыктуу билим деп эмнелерди саноого болот?

• Биз бир нерсени билүүгө кантип жетишебиз?

• Билимдин кандай түрлөрү жарактуу жана “чыныгы” болуп саналышат?

Эпистемологиялык айырмачылыктардын Тим Инголддун (2000) макаласына негизделген бир мисалын келтирели.

1. Кишилер дүйнөнү объективдүү байкоо жана өлчөө аркылуу үйрөнүп биле алышат. Адамзаттын акылы дүйнөдөн өз алдынча жашайт.

2. Адамзаттын билими дүйнөгө сүңгүү аркылуу өнүп чыгат. Биз тил жана маданият аркылуу үйрөнөбүз; билим ар дайым коомдук жүрүмдөргө ширелген. Демек, билим эч качан чындап объективдүү боло албайт.

Билимге болгон мамилеңиз изилдөөңүздүн долбооруна, анын алкагында – изилдөөңүздүн суроолоруна, методологиясына жана талдоосуна да таасир тийгизет.

Изилдөө парадигмалары

"Парадигма – билим, биздин коомдук дүйнөбүз, бул дүйнөнү билүү жөндөмүбүз жана аны таанып-билүү себептерибиз жөнүндө бири-бири менен байланышкан философиялык жоромолдордун жана турумдардын жыйындысын туюнтат; бул жоромолдор тийешелүү бир усулдарды, билим жаатындагы белгилүү бир көз

караштык бүтүмдөрдү жана бул көз караштарга таянган тийешелүү бир кыймыл-аракеттерди жалпылап негиздеп турат.

Парадигма коомдук изилдөө үчүн белгилүү бир багыттын алкагын түзөт жана аны жетектейт; анын ичинде "эмне жөнүндө сураш керек, кандай усулдарды колдонуу керек, кандай билимге умтулуу керек жана иштин жогорку сапатын эмнелер аныктайт?" деген суроолор да камтылып турат".

(Караңыз: Lincoln & Guba, 1985, Patton, 2003), бул эмгекте: Greene & Caracelli, 1997, 5-бет.

Коомдук илимдердеги теориялык перспективалар (коом таануудагы жана социологиядагы изилдөө нуктары)

- позитивизм жана мейкиндик илими
- гуманизм жана феноменология
- марксисттик теория
- феминисттик теория
- кишиден артыктык теориясы
- постструктурализм жана репрезентативдик эмес теориялар
- постколониализм
- постмодернизм

Канонду деколонизациялоо (өзөккү эски мыйзамды оторсуздаштыруу)

Коомдук илимдер тармагынын көптөгөн изилдөөчүлөрү илимди жана, жалпысынан, билим өндүрүшүн өнүктүрүүдөгү оторчулуктун терс жана кесепеттүү мурасы тууралуу моюнга алышат.

Ошондуктан, биз негизги тексттер деп атап жүрчү билимдин эски мыйзамын (канонун), ошондой эле изилдөө жүргүзүүбүздүн ыкмасын оторсуздаштыруу (деколонизациялоо) менен алектенип жаткан жана улам чыңалып келе жаткан илимий агым да бар. Бул агым изилдөөнүн долбооруна, усулдарына, изилдөө

этикасына, жазуу жүрүмүнө жана алда канча кеңири изилдөөчүлүк карым-катнаштарга олуттуу таасир тийгизүүдө.

Көптөгөн иликтөөчүлөр азыркы тапта Батыштын билимге, теорияга жана философияга үстөмдүкчүл таасирин сынга алып келишет. Анын арасында төмөнкүлөр да бар:

Батыш Европадагы Агартуу доорунун таасири

- Тартипке келтирүү, классификациялоо жана типологияларды түзүү
- Табигый дүйнө универсалдуу мыйзамдар менен башкарылат деген жоромол
- Физика/табигый илимдер боюнча изилдөөлөргө негизденүү менен коомду жана киши табиятын таануу

Өзгөчө эпистемологиялык окуулардын үстөмдүгү жана нормалдашуусу

- илимдин өнүгүшүнө грек философиясынын тийгизген таасири
- континенттик философиянын (немис жана француз теоретиктеринин) үстөмдүгү
- онтология жана эпистемология (гносеология) сыяктуу негизги идеялар гректерден башат алган.

## Кошумча адабият


-  Aitken, S. and Valentine, G. (2006) ‘Ways of knowing and ways of doing geographic research’, in Approaches to Human Geography, Sage, London.
-  Allen, J. (2006) ‘A question of language’, in Pryke, M. et al. (eds.) Using Social Theory. Sage.
-  Brown, M.E., Dueñas, A.N. (2020) A Medical Science Educator’s Guide to Selecting a Research Paradigm: Building a Basis for Better Research. Med.Sci.Educ. 30, 545–553. https://doi.org/s10.1007/s40670-019-00898-9
-  Blaikie, N. (2000) ‘Chapters 1, 2 and 3’, in Designing Social Research, Wiley-Blackwell
-  Clark, N. (2003) ‘The play of the world’, in Pryke et al. (eds.) Using Social Theory: Thinking Through Research, Sage.
-  Crotty, M. (1998) The Foundations of Social Research, Sage,
-  De Vaus, M. (2001) Research Design in Social Research.
-  Flowerdew, R. (2009) ‘Scientific method’, in Kitchin, R. and Thrift, N. (eds.) Encyclopaedia of Human Geography, Elsevier, Oxford.
-  Gilbert, N. (2008) ‘Conceptualising social life’, in Researching Social Life, Sage, London.
-  Hollis, M. (1994) The Philosophy of Social Science, An Introduction, Cambridge University
-  Inyang, E. 2017. Doing Academic Research. Newcastle upon Tyne, England,
-  Kwoba, Brian, Oluwafemi Nylander, Rose Chantiluke, and Athi Nangamso Nkopo. Rhodes Must Fall: The Struggle to Decolonise the Racist Heart of Empire. London, 2018.
-  Law, J. (2010) After method: mess in social science research
-  Lichtman, M. (2017). Qualitative Research for the Social Sciences. Thousand Oaks, California.
-  May, T. (1997) Social research: issues, methods and process, Open University Press.
-  Nagel, J. (2014) Knowledge: A very short introduction. Oxford University Press. Chapter 1: What is social research?, in Ragin, C. (1994) Constructing Social Research: The Unity and Diversity of Methods. Pine Forge Press. An online copy of this chapter is available at: http:// courses.washington.edu/esrm304a/lectures/Social/Lenentine/ Ragin&Am

- Olssen, Mark, and Michael A. Peters. "Neoliberalism, higher education and the knowledge economy: From the free market to knowledge capitalism." Journal of education policy 20.3 (2005): 313-345
- Shaw, I.G.R, Dixon, D.P., and J.P. Jones III. 2010. Chapter 2: Theorizing our World. In Research Methods in Geography: A critical introduction. John Wiley and Sons.
- Todd, Zoe. 2016. An Indigenous Feminist's Take On the Ontological Turn: 'Ontology' is Just Another Word for Colonialism. Journal of Historical Sociology 29 (1): 4-22.

# 2. Илимий адабият



Илимий адабият изилдөөчүлөр үчүн негизги шилтемелик маалымат булактарын камсыз кылат. Бул булактарга китептер, анын ичинде окуу китептери, негизги маалымдамалар (мисалы, сөздүк же энциклопедия), бир автор тарабынан жазылган илимий монографиялар, бир нече бөлүмдөрдүн авторлорун камтуу менен редакцияланган китептер жана колдонмо китептер. Көпчүлүк кишилер макалалардын бир нече түрүн камтыган илимий журналдар менен да жакындан тааныш.

Буларга китепке жазылган сын пикирлер, кыска баяндоолор же "каттар", изилдөө макалалары жана сын камтылган макалалар кирет. Илимий адабияттын башка түрлөрүнө баяндамалар же кесипкөйлүк адабияттар да кирет, алар көбүнчө “бозомтук адабият” деп аталып жүрөт.

Илимий адабият басылып чыккан башка чыгарма түрлөрүнөн өзгөчөлөнүп турат, анткени ал таасын даректелген жана илимий коомчулук тарабынан таразаланып чыккан изилдөөлөрдү, теорияларды же маалыматтарды жана билимди өткөрүүгө умтулат.

Бул түрдөгү адабият – изилдөөчүлөр үчүн өз иликтөөлөрүн жана табылгаларын оболу адистик (эксперттик) аудиторияга, андан кийин кеңири коомчулукка бөлүшүүнүн натыйжалуу жолу. Окуяны баяндоо эмес, маалымат менен жабдуу максаты көздөлгөндүктөн, изилдөө натыйжаларын же жаңы теорияны илимий чөйрөгө жеткирүү үчүн илимий эмгекти даана, тикелей жана кыска-нуска жазуу маанилүү. Жазып чагылдыруу илимий адабиятка жакшы шилтеме жасалган оригиналдуу жана ишенимдүү материалды сунуштайт. Жаңы фактылар, маалыматтар, концепциялар жана теориялар эмгекте көрсөтүлөт.

Бул маалымат жана маалымат топтому түшүндүрүлөт жана өз ара адистик пикир, андан ары текшерүү же сын пикир жазуу, байкоо жана талдоо үчүн даяр турушат. Изилдөөлөр жана алгачкы сыноолор башкалар тарабынан таасын текшерилиши ажеп эмес. Эмгектин сапатын камсыздоо үчүн тийешелүү илимий тармактагы адистер материалга өз адистик пикирлерин жазышат.

Илимий чыгарма окурманга маалымат сунуштайт

“тандалып алынган тема боюнча фактка таянган маалыматты сунуштайт. Бул – сызыктуу (башынан аягына чейин тандалган көйгөйгө байланган), башкы идеяга же темага ээ, кайталоосу же чегинүүсү жок эмгек болушу керек. Чыгарма ушул башкы идеянын айланасында түзүлүшү керек жана анын ар бир бөлүгү борбордук теманы колдогон маалымат же жүйөөнү гана жабдып бериши керек. Бул текст так жана туура жазылууга тийиш жана ал сөздөрдү таасын түрдө колдонушу керек”.

"Илимий чыгарма төмөнкүдөй мүнөздүү белгилерге ээ: ар тараптуулук, расмийлүүлүк, тактык, объективдүүлүк, таасындык, кылдаттык, абайлоочулук жана жоопкерчилик".

- Hubpages, Eight Characteristics of Academic Writing

(https://discover.hubpages.com/literature/8-Characteristics-of-Academic-Writing)

Багыттоочу (өзөккү) сөздөр

- Журналдардагы илимий макалалар тийешелүү илимий тармактагы адистер тарабынан жазылат. Бул макалалар авторлорго адистеш болгон илимпоздор тарабынан сын көз менен каралат жана редакцияланат; макала тили расмий болот жана бул илимий тармакка мүнөздүү сөздөрдү жана терминдерди камтыйт. Адабиятка шилтемелердин тизмеси берилет.
- Илимий адабият табигый жана коомдук илимдер боюнча теориялык иштерди баяндаган илимий басылмаларды камтыйт. Илимий негизде жарыкка чыгаруу – бул өз изилдөөлөрүнүн натыйжаларын илимий адабиятка кошуу жүрүмү; бул иш-аракет адистик сын пикир жүрүмүн талап кылат.
- Илимий журналдарда алгачкы жолу жарыяланган оригиналдуу изилдөөлөр баштапкы адабият деп аталат. Кошумча (экинчи орундагы) булактарга сын пикирдик (жарыяланган табылга-жыйынтыктарды жалпылаган, жаңы изилдөө идеяларын андан ары козгоп чыккан) макалалар жана (ири долбоорлор үчүн) китептер кирет.
- Адистик сын пикир (рецензиялоо) – бул илимий журналдарды жана китептерди жарыкка чыгаруучулар колдонгон жүрүм. Макалаңызды же китебиңизди журналга же басма үйүнө тапшырганыңыздан кийин, басылманын редактору кол жазмаңызды эки же андан көп адиске жөнөтөт. Адатта, бул жүрүм "кош тараптуу

сокур" аракет болуп саналат, башкача айтканда, адистер жана автор бири-биринен эч кабарсыз болушат. Адистик сын пикирдин жыйынтыгы сиздин макалаңыз эч кандай оңдоосуз (мындайлар сейрек учурайт), айрым гана оңдоолор менен, же олуттуу оңдоолор менен басыла тургандыгын же четке кагылаарын аныктайт.

Илимий адабият менен алектенүү

"Трой, сенин баяндамаңда сандар жана теориялар өтө арбын экен, бирок окуяны баяндооң дээрлик тузу жок турбайбы. Жакшы окуяларды саймедирлеп айтып жүрөсүң го, деги сага эмне болду? Кайра жазып көрчү!' – дейт менин апакем.

Алар мындай дешет:

Илимий чыгарма жазуу – тажатма; мында абдан көп маалымат бар, бирок окуялары жетишсиз. Ал гезит же TikTok сыяктуу өзүнө тартып турбайт жана ашкере көп кооз сөздөрдү колдоно берет.

Биз мындай деп айтабыз:

Илимий адабият билимди кеңейтет. Бул адабият жаңы окуяларды эмес, жаңы маалыматты тартуулайт. Бул жүрүм көңүл ачуу үчүн сунушталбастан, билимди өткөрүп берет. Биз адистер менен кесипкөй кызматкерлердин тийешелүү бир чөйрөсү үчүн жазабыз. Илимий эмгек жазуу дүйнөнү жаркын келечекке карай өнүктүрүүнү көздөйт.

Илимий чыгарма кумарды, сулуулукту, шыктанууну, ыкчамдыкты жана маанилүүлүктү өзүнө камтышы керек. Сиз, – баяндоо ыкмаларын үйрөнүү жана колдонуу аркылуу, – илимий чыгармаңызды окурманды өзүнө тарта алгандай жана кызыктуу кылуу үчүн иштешиңиз керек.

Учурдагы илимий макала жана баяндамалардын окурмандар чөйрөсүн эске алуу менен жазылган аталыштарынын кээ бир өрнөктөрүнө назар салалык:

* Аялдарсыз кыш мезгилдери: Монголиянын элет жергесиндеги социалдык өзгөрүүлөр, жиктелген үй чарбалары жана гендердик эмгек түйшүгү

* Кенден кийинки турмуш: Кенди жаап салгандыкты кайрадан талдоо (After life-of-mine: Rethinking mine closure)

* Монголия: акылмандыктын жана табигый коздуктун жайыты

* Чөлдүн чет-бучкагы: өтмүштөгү жана келечектеги Гоби (Desert boundaries: the once and future Gobi)

* Жаңы Монгол мамлекетинин малчысы: мамлекеттик бийликтин Монголиянын элет жериндеги чакырыктарын жана саамалыктык демилгелерин иликтөө

Илимий булактар

Илимий макалалар “Таасир фактору” (*Impact Factor*; IF) көрсөткүчү бар абройлуу журналдардан алынат. Таасир факторлору сапатты баалоочу катары кызмат кылат; демек, журналдын жогоркураак таасир фактору анын кыйла маанилүүрөөк же кыйла таанылган басылма экенине ишаара кылат. Көпчүлүк макалалар Elsevier, Taylor & Francis, Springer, Oxford, Nature, MDPI ж.б. сыяктуу ири басмалар тарабынан жарык көрөт. Аларды интернетте онлайн издеп тапса болот.

Жарыялоого карата эки башка ыкма – ачык кирүүгө боло турган же жазылуу түрүндө таркалчу журналдар бар. Ачык кирүү – бул ар бир киши журналдын макалаларына эркин кире жана окуй алат дегенди билдирет. Жазылуу ыкмасында болсо тийешелүү университет журналга кирүү акысы үчүн акча төлөйт. Бул ыкмада акы төлөгөн университеттин мүчөлөрү гана интернеттик китепкана системасы аркылуу журналдын макалаларына эркин кире алышат. Эки ыкма тең урмат-сыйга татыйт, бирок ачык мүмкүнчүлүккө карай кыймыл барган сайын чыңдалууда жана көптөгөн университеттер ачык кирүү мүмкүнчүлүгүнө жетүү максатында макалалар үчүн акча төлөшүүдө. "Жырткыч журналдардан" өтө этият болуңуз: алар оболу сизден макала сурашат да, андан соң акы төлөөнү талап кылышат. Алардын таасир фактордук көрсөткүчтөрү жок, анчейин кадырланышпайт жана илимий зоболоңуздун көтөрүлүшүнө огожо деле боло алышпайт. Илимий басма ээлеринин китептери болсо изилдөөгө таянып чыгарылышат жана илимий-жамаагаттык гана мүнөзгө ээ.

Негизги басма ээлеринин арасында Оксфорд, Кэмбриж, Стэнфорд университетинин басмасы жана Монгол улуттук университети сыяктуу жогорку окуу жайлары бар.

Жеке басма ээлерине Routledge, Springer, Brill, De Gruyter, World Scientific, Wiley and Sons, Taylor and Francis, SAGE ж.б. басма үйлөрү кирет.

Негизги булактарга каршы – кошумча (экинчи катардагы) булактар

Негизги жана кошумча булактын ортосунда кандай айырмачылык бар?

Негизги (баштапкы) булак чийки маалыматтар тобунан же тема боюнча биринчи колго таандык далилдердин башка түрлөрүнөн турат. Бул баштапкы булактар тема жөнүндө атайын ички түшүнүктөрдү берет, анткени ал башка кишилердин же жоромолдордун арачылыгы аркылуу сунушталбайт. Мисалы, малчы – мал чарбачылыгы тууралуу маалыматтын баштапкы булагы, бирок малчы менен маектешкен илимпоз же журналист кошумча (экинчи катардагы кыйыр) булак болот, анткени беркилер менен баарлашкан малчы – тикелей булак.

Кошумча (кыйыр) булактар талдоо, темага тартуу жана баштапкы булактарды сын көз караштa кароо иштерин чагылдырышат. Мындай эмгек мурда аткарылган эмгектерди чечмелеп, талдап, баалай алат. Кошумча (кыйыр) булактар илимий материалдар менен өз ара алектенишет, бирок баштапкы булактарга таянып, оригиналдуу изилдөөнү жүргүзө элек болушат. Мисалга жаңы сын макалаларда, баяндамаларда же окуу китептеринде берилген адабияттарды сын көз менен карап чыгуу, кайра чечмелөө жана кайра талдоо эмгектерин алсак болот.

| **Негизги (баштапкы) булак** | **Кошумча (кыйыр) булак** |
|---|---|
| Тикелей табылган маалыматтар же нукура даректик материалдар:<br>- Көркөм өнөр чыгармасы<br>- Мыйзамдардын тексттери<br>- Гезит кабарлары менен баяндары<br>- Чыгып сүйлөөлөр, күндөлүктөр, каттар, маектер<br>- Маалымат топтому, сурамжылоо маалыматтары (мисалы. эл каттоо)<br>- Сүрөттөр, аудио жана видео тасмалар | Негизги булак жөнүндө чагылдырган ар кыл маалымат:<br>- Фильмге же көркөм өнөр чыгармасына сын пикир<br>- Жарыяланбаган диссертация же дипломдук иш<br>- Илимий журналдарда же китептерде жарыяланган башка эмгектер |

Бозомтук (шектүү) адабият

Бозомтук (шектүү) адабият – бул адистик сын пикирден чыпкаланбаган материал, изилдөө же баяндама. Ал маалымат менен камсыз кылат, бирок илимий адабият сыяктуу кубаттуу, бекем же ишенимдүү болбошу деле мүмкүн. Кээ бир учурларда, маселен, Дүйнөлүк банктын акыркы экономикалык баяндамасы сыяктуу, ал – тема боюнча колуңуздагы жеткиликтүү болгон жападан-жалгыз маалымат топтому болушу да ажеп эмес. Бозомтук адабият жөнүндөгү негизги өңүттөргө өтөлү:

• Материал уюмдар же жеке кишилер тарабынан жарыяланат же жеткиликтүү кылынат. Ал төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн: клиникалык изилдөөлөр, илимий жыйындардын аннотаациялары жана тезистери, мамлекеттик расмий документтер, уюмдун баяндамалары, эл аралык агенттиктер (Бириккен Улуттар Уюму, Дүйнөлүк Банк), бейөкмөт уюмдардын (БӨУ) баяндамалары, климат таануу маалыматтары, жеке баарлашуу, изилдөөгө чейинки басма тексттери жана тезистер. Булар адистик сын аркылуу чыпкаланышпайт.

• Бозомтук адабият ырааттуу түрдө чогултулбайт, уюштурулбайт жана сакталбайт. Сын көз менен баалоо учуруңузда ийкемдүү мамиле жасаңыз. Деги эле (экономика, калктын саны, климат ж.б. жөнүндө) маалыматты табуу, адистердин маалыматынын ордун аныктоо жана башка болочокку атаандаш өңүттөргө жетүү үчүн мындай материал Сизге огожо болушу мүмкүн. Анын наркы аны жарыкка чыгарган мекемеге жүктөлчү ишенимге жараша болот (мисалы, Бириккен Улуттар Уюму, Климаттык өзгөрүү боюнча өкмөттөр аралык адистик топ (IPCC) – кадыр-барктуу булактардын сабына киришет).






Илимий адабиятты табуу жана иргөө

Илимий адабияттын булактарынын көпчүлүгүн, – сейрек же тарыхый материалдарды кошпогондо, интернеттен онлайн издеп тапса болот. Математика, физика, инженерия ж.б. үчүн илимий эмгектерди издөөнүн негизги системаларына Web of Science, Proquest, Scopus, Google Scholar, Jstor жана Arxiv.org барактары кирет. Интернеттен ачык издөө да илимий адабиятты табууга көмөкчү боло алат.




Мисалы: Google Scholar барагы: https://scholar.google.com/

Илимий адабият макалаларды жана китептерди камтыйт. Көптөгөн илимий тармактар үчүн болушунча эң соңку доорго тийешелүү адабият маанилүү, анткени анда тийешелүү илимий тармактагы азыркы таптагы көз караштар жана илимий агымдар чагылдырылган. Эгерде материал табылбай жатса, анда авторго тикелей жазыңыз жана анын тийешелүү бир эмгегине онлайн кирүү мүмкүнчүлүгүңүз жок болуп жаткандыгын ага дурустап түшүндүрүңүз. Алардын эмгегинин көчүрмөсүн сураңыз. Адатта, илимпоздор өз чыгармалары менен бөлүшүүгө жан дили менен даяр болушат.

Маалымат пирамидасы = Иерархия / маанилүүлүк деңгээли, асыл-нарк

Маалымат булактарын жалпы пайдубалдан башат алып, андан ары бийиктеген сайын маселеге өзгөчөрөөк көңүл бура баштай турган пирамида катары ойлоп

көрүңүз. Оболу илимий макалаларды жана китептерди акыл калчап көрүңүз, анткени алар адистик сын пикир жүрүмдөрүнүн негизинде алда канча ишенимдүү маалыматтарды сунушташат. Андан соң бозомтук делген адабиятты карап чыгыңыз. Эгерде илимий адабият жетишсиз болуп чыкса, анда тандалган тема илимий макала жазуу үчүн жарамсыз болуп чыгышы ыктымал.

Маалымат пирамидасынын визуалдык сүрөттөлүшү:




Көбүрөөк шилтеме кылынган илимпоздор


Аристотель


Акира Шизуо


Фрейд


Фуко

Кантип адабиятты сын көз менен баалоо керек

Адабиятты сын көз менен иликтөө – изилдөөгө камылга жүрүмүнө кирчү иш. Тандалган тема боюнча эң мыкты далилдерди, эң соңку учурга таандык маалыматты же теорияны өздөштүрүү – өтө маанилүү.

Биз иликтенчү көйгөй боюнча азыркыга чейин топтолгон билимди жана ой чабытты аныктоо максатында мүмкүн болушунча көбүрөөк окууну сунуштайбыз, бул аракет теманы аныктоого мүмкүндүк жаратат.

Арийне, өзүңүз кайсы адабиятты жана теорияны камтып кетүү керектиги жаатында олуттуу чечим жасоого да тийишсиз.

Адабиятты сын көз менен иликтөө тандалган тема боюнча жазылгандардын баарын тең эле өзүнө камтый бербейт. Адабиятты иликтөө жүйөөлүү болушу жана изилдөөнү бир алкакка сыйдырышы керек. Атаайын стратегия иштеп чыгыңыз жана адабиятты издөөдө системалуу аракет жасаңыз. Таасын, улам кайталанма жана жеңил түшүндүрүлө турган илимий библиографиялык издөө терминдерин түзүп алыңыз.



"Сиздин милдетиңиз – китепкана топтоо эмес, жүйөө чогултуу".

– Rudestam, K.E. and Newton, R.R. (1992)

**Адабиятты сын көз менен иликтөө** изилдөөнүн суроосун аныктайт жана изилдөөгө пайдубал жаратат. Бул иш издөөнү пландаштырууну, анын өлчөмүн аныктоону жана издөө критерийлерин тандоону камтыйт.

Өзүңүзгө суроо узатсаңыз: Менин изилдөө темама кандай предметтер ылайык келиши мүмкүн? Материал кандай форматтарды камтууга тийиш (мисалы, журналдар, бозомтук адабият ж.б.). Мындагы максат – изилдөөнүн долбоорун уюштуруу үчүн ачкыч сөздөр, маалымат кампалары жана убакыт аралыгы аркылуу темага тийешелүү, заманбап жана беделдүү адабиятты аныктап алуу болуп саналат.

Издөө жүрүмүндө синонимдерди, шарттуу кыскартууларды (аббревиатураларды), тилдерди жана атаандаш орфографиялык жазылыш түрлөрүн назарыңызда тутуңуз. Издөө терминдерин жана издөө чыпкаларын бириктирип, шарттуу кыскартууларды колдонуп көрүңүз.

Темага тийешелүү макалаларга жана сизге жаккан илимий эмгектерге кимдер шилтеме жасашкандыгын текшерүү дагы майнап бере алат. Өзүңүз менен кызматташ изилдөөчүлөр жана өз илимий тармагыңыздагы башка адистер менен дагы бул тема жаатында талкуу кылыңыз.

Адабияттагы "боштуктарды" же "бийик сереге чыгарчу тепкичтерди" аныктаңыз

Болочоктуу илимий изилдөөлөрдү сунуш кылчу боштуктарды аныктоо үчүн адабиятты сын көз менен иликтеңиз жана талдаңыз. Сиз бул ишти боштукту толтуруу катары эмес, мурда аткарылган жумуштарды "толуктап куруу" деп санашыңыз деле мүмкүн. Кайсы бир тема боюнча буга чейин аткарылган изилдөөгө кантип жаңыча салым кошо алаарыңызды да байкап көрүңүз? Сиз буга чейин жарыяланган адабиятка изилдөөңүз кандайча шайкеш экендигин өз макалаңызда түшүндүрүп берүүгө тийишсиз.

Жырткыч сымал журналдар менен ачык окулчу журналдарга төлөөнүн ортосундагы айырмачылыкка өзгөчө көңүл буруңуз. Ачык кирүү укугун ыйгарган журнал үчүн төлөм (көп учурларда ал 2000–3000 долларга тете!) макалаңыздын акысыз, эркин окулушу үчүн кепилдик жаратат. Кандайдыр бир суроoңуз келип чыкса, анда журналдын таасир фактору бар же жогун текшериңиз.

Адабиятты сын көз караштa иликтөө жүрүмү




1-кадам: Алдын ала издөө: Рефераттарды (кыскача мазмундарды) сканерлөө жана үстүрт талдоо

Сиз Google Scholar барагын, же болбосо Web of Knowledge же Proquest сыяктуу маалымат кампаларын колдонуп жатып, өз темаңыз боюнча илимий адабиятты карап чыгуу үчүн интернеттеги жөнөкөй издөө кызматынан пайдаланыңыз. Ачкыч (багыттоочу) сөздөрдү өзүнчө каттап алыңыз. Макаланын темаңызга тийешеси бар же жогун аныктоо үчүн оболу анын кыскача мазмуну менен тааныа баштаңыз. Андан кийин эмгектин кириш сөзүн жана корутундусун карап чыгыңыз; эгерде алар кызыктуу жана темаңызга тийешеси бар болуп чыкса, анда макаланы окуп чыгуу жагын карап көрүңүз.

Адабиятка шилтемелердин тизмесин жана эмгектин өздүк маалыматын окуп чыгыңыз да, тема боюнча окуу үчүн башка дагы олуттуу макалаларды тандап белгилеп алыңыз.

2-кадам: Түзүлүшкө ылайык издөө: Өзөккү макалаларды жана көп шилтеме келтирилген эмгектерди аныктап, терең окуп, андагы зарыл жагдайларды белгилеп жазып алыңыз.

Изилденчү суроонузду иштеп чыккандан кийин, бул изилденчү суроонуздун негизинде ачкыч (багыттоочу) сөздөр жаатында акыл калчаңыз. Илимий макалаларды тереңирээк окуңуз. Өзөккү терминдерди жана илимий түшүнүктөрдү аныктаңыз, булактарга жана жүйөөлөрдүн айкындуулугуна баа бериңиз.

Макаланын конкреттүү темага тийешеси барбы? деп өзүңүздөн сураңыз. Жүйөө кандайча түзүлгөндүгүн жана мында башкы карым-катнаштар, агымдар жана калыптар бар же жогун баалаңыз. Булактардын ортосунда айырмачылыктар жана окшоштуктар барбы, деги бул булактар ишенимге татыйбы? деп суроо салыңыз.

Сиз изилденчү суроонуздагы ачкыч (багыттоочу) сөздөр үчүн мүмкүн болушунча көбүрөөк маанилештерди (синонимдерди) ойлонуштурушуңуз керек. Мисалы:

Изилдөө суроосун иштин маңызын билдирген же башкы жобону туюнткан сөз айкашына жана айтымдарга бөлүңүз

Утрехт шаарын өнүктүрүүнү долбоорлочулар экологиялык адилеттикти кантип аныкташат?

↓

| | | |
|---|---|---|
| Шаардык долбоорчулар | Утрехт | Экологиялык адилеттик |
| Жергиликтүү оодандык долбоорчулар | Нидерланддар | Экологиялык расизм |
| Шаардык деңгээлдеги саясий ишмерлер | Голландия | Коомдук адилеттик жана айлана-чөйрө |
| Жергиликтүү деңгээлдеги саясий ишмерлер | Евробиримдик | Айлана-чөйрө жана адилеттик |
| Шаар акимдиги | | |

Кошумча материалды издөө үчүн алмаштырма тамгаларды колдонуңуз. Төмөндө назарыңыздарга айрым алмаштырма тамгалар сунушталат:

* бул алмаштырма тамганы көптүк түрдө же сөздөгү атаандаш куранды/уланды мүчөлөрдү көрсөтүү үчүн колдонуңуз. Мисалы: феминис* (feminis*) = феминист, феминисттер, феминистчилик (feminist, feminists, feminism)

? деген алмаштырма тамганы сөздүн атаандаш жазма варианттарын чагылдырууда колдонуңуз. Бул суроо белгиси, маселен, АКШ менен Улуу Британиянын англис тилдериндеги тексттериндеги орфографиялык айырмачылыктарды белгилөө үчүн өтө пайдалуу.

- маселен, англисче organi?ation (уюм) = бул organization же organisation деп атаандаш жазылчу, бирок маааниси бирдей сөздү белгилөөдө колдонулат.

Кыргызча өрнөк:  ?ым  = сым же зым

$ деген алмаштырма тамганы анын ордун бир тамга ээлеши мүмкүн же анын ордуна эч кандай тамга коюлбашы мүмкүн болгон кырдаалда колдоно аласыз.

• оболу англисче мисал келтирелик: behavio$r = behavior, behaviour, behavioral, etc

(кыргызча өрнөктөр: ба$рдыгы = баардыгы, бардыгы; жыла$н = жылаан, жылан)

Андан соң түзүлүштүк жиктөөгө негизденген адабиятты издөө ишиңизге көмөкчү болсун үчүн Жорж Булдун (1815–1864) бир жана нөл деген кош санды гана колдонгон эсепкердик логикасына таяныңыз!

AND – издөөнү кууш кылып жүргүзөт. Маселен:  шаардык долбоорчулар ЖАНА (англисче AND) экологиялык адилеттик

OR – издөөнү кеңейтет. Маселен:  шаардык долбоорчулар ЖЕ (англисче OR) экологиялык адилеттик

NOT – издөөнү кууш кылып жүргүзөт. Маселен, англисче: city planners NOT environmental justice;

Кыргызча аңдалышы: экологиялык адилеттик ЭМЕС, шаардык долбоорчулар (мындай буйрукка ылайык, макаладагы тексттен жалаң гана “шаардык долбоорчулар” – “city planners” сөз айкашы изделип калат).

3-кадам: Жасалган шилтемелердин артынан түшүү: Адабиятка жаңы шилтемелерди жана жаңы эмгектерди издеп табыңыз.

Журналдын жаңы сандарына байкоо жүргүзүп, улам жаңы жарыяланган материалдарды үзгүлтүксүз текшерип туруңуз. Илимий адабиятка жасаган бардык шилтемелериңизди өзүңүзгө таасын каттап турууну эстен чыгарбаңыз.

**Кошумча адабият:**


- Effron, S.E. and Ravid, R. 2019. Writing a Literature Review: A Practical Guide
- Knopf, J.W. 2006. Doing a Literature Review. Political Science and Politics 39 (1): 127
- Lombard, E. 2010. Primary and Secondary Sources. Journal of Academic Librarianship, 36, 3, pp. 250-253.
- Oliver, Paul. 2012. Succeeding with your literature review: A handbook for students.
- Paul, Justin, and Alex Rialp Criado. The art of writing literature review: What do we know and what do we need to know? International Business Review 29.4 (2020): 101717
- Oxford University Graduate Search Clinic: Turing a research question into an effective search strategy

## 3. Изилдөө темасын кантип тандоо керек жана изилдөө суроосун кантип жазуу керек?



Жакшы теманы тандоо – илимий изилдөө үчүн өзөккү мааниге ээ алгачкы кадам. Мунун ачкычы – сизди кызыктырган, колдогу билимге же адабиятка негизделген жана илимий изилдөө тармагына шайкеш келчү теманы тандоо. Анын сыңарындай эле, тема турмуш чындыгына төп болушу, изилдөөчүлөрдүн жөндөмдөрүнө шайкеш келиши жана университеттин же долбоордун талаптарына жооп бериши зарыл. Тема иликтөө үчүн татыктуу болушу керек жана талдоо үчүн жетиштүү көлөмдү жана талааны камсыздоого тийиш.

Темаңыз боюнча жетиштүү изилдөө материалы бар экендигин тастыктап алыңыз. Долбооруңузду жакшылап иштеп чыгыңыз жана ар бир кадамды пландап алыңыз. Кандай изилдөө методологиясы талап кылынышы мүмкүн экени тууралуу акыл калчап алыңыз.

Өтө эле ашыкча адистештирилген темадан качыңыз: бул тема кызыктуу болушу мүмкүн, бирок жеткиликтүү маалымат табу же изилдөө материалдары таңсык болуп калышы ажеп эмес. Өз илимий чөйрөңүздү – профессорлорду, студенттерди, кесипкөй адистерди, эл аралык илимий чөйрөнү – сиздин темаңызды аңдай алчу кишилерди өзүңүзгө кантип тартуу жаатын камсыздап алыңыз.

Жекече айтканда, сиз өз кызыгууңузду сактап кала аласызбы? Өзүңүз самап жаткан жана сизди шыктандырган нерсени тандап алыңыз. Темаңыз максатыңызга мерчем болгон чөйрө менен ширелтилиши, жетишерлик маалыматка жана маалымат тобуна ээ болушу жана өзүңүздүн жекече инсандык жана кесиптик изилдөө максаттарыңызга төп келиши зарыл. Дал ошондой жагдайда темаңыз сиз каалаган натыйжага өбөлгө түзөт. Жакшы тема жана натыйжалуу изилдөө долбоору жана эмгектин дурус түзүлүшү ийгиликке жетелейт. Илимий изилдөө Сизди күтөт!

## Жакшы изилдөө темасын кантип тандоо керек

Жакшы изилдөөнүн ачкычы – кызыктуу жана заманбап изилдөө темасына ээ болуу. Сизди эмне шыктандырып жатканы жана кандай билим менен көндүмдөрдү өнүктүргүнүз келип жатканы жөнүндө акыл калчаңыз. Убактыңызды кантип сарптагыңыз келээри жана эмне иштер турмуш чындыгына төп болуп, колуңуздан келээри жөнүндө өзүңүзгө өзүңүз суроо узатыңыз. Өзүңүздүн жөндөмүңүздү жана тажрыйбаңызды таанып-билиңиз жана илимий изилдөө жаатында эмнелерди үйрөнүү жана кандай камылга жасоо керектиги тууралуу аңдаңыз. Берилген мөөнөттө илимий изилдөөңүз аякташы мүмкүнбү, долбооруңузду колдоого кандайдыр бир каражат барбы?

## Чечим – өзүңүздүн эркиңизде

Илимий иштин же долбоордун талаптарына ылайыктуу болчу изилдөөнү тандап алыңыз. Кайсы тема заманага ургаалдуу жана жаңы түшүнүккө жана билимге өбөлгө түзө алат? Изилдөө долбоору далилдерге жана натыйжаларга жетелей алабы жана бул материал диссертацияңызды жазууңуз үчүн жетиштүү болобу? Макала /магистрлик иш / PhD диссертациясы / изилдөө долбоору үчүн эмнелер талап кылынарын үйрөнүп алыңыз. Иш-аракетти материалдарга кеңири баа берүү менен баштаңыз: тийешелүү маалымат, кишилер жана булактар жаатында окуңуз, талкуулаңыз, сын пикир менен байкаңыз жана кылдат тыңдаңыз. Андан соң өзүңүзгө төп келчү нерселерди назар чордонунда кармаңыз. Темаңызды акылга сыярлык өлчөмгө жана чөйрөгө чейин тарытып алыңыз да, илимий жетекчиңиз менен талкуулаңыз.

## Акыл калчоо жана ойдун чоо-жайын иликтөө

Сиз, болжолдуу изилдөө темаларын карап чыгуу маалында, өзүңүз окуган, көргөн жана талкуууга алган нерселерге баа берип чыгыңыз.




Эстин чоо-жайын иликтөө жолдомосу

Айкындуулук иерархия тартип чектер

Борбор бери дегенде 3 тема сүрөтү түстөр баштапкы

Колдонуу Шилтемелер түстөр басым жасоо Сүрөттөр коддор өлчөмдөр

Ачкыч сөздөр сызыктар Ар бири үчүн сөз сүрөт

туташтыруу борбор нурлантуу

сырткы ичкерээк анча маанилүү эмес

стил органикалык эркин агуу узундук бирдей сөз сүрөт

уюшулган борбордук коюураак маанилүүрөөк

басып чыгаруу окуя ЖОГОРКУ жана төмөнкү

Стил жекече өнүктүрүү

Сүрөт ээси: Nicoguaro - Own work, CC BY-SA 3.0,

https://commons.wikimedia.org/w/index.php?curid=15442311

Сизди эмнелер таңдантып-дилгирлентти, дүйнөгө маалымат берүү үчүн эмне иш аткара аласыз? Жергиликтүү көйгөйлөрдү, ой чабыттарды жана көз караштарды ширелтүү үчүн ар кыл кишилердин чөйрөлөрүнө кулак салыңыз. Учурдагы окуяларга жана өзгөрүп жаткан кырдаалдарга астейдил көңүл буруңуз: илимий изилдөө боштукта (вакуумда) жүзөгө ашырылбайт эмеспи. Тандалган темаңыз мамлекеттик, чөлкөмдүк жана бүткүл дүйнөлүк деңгээлде ургаалдуубу? Темаңыз өзүңүздүн жекече максаттарыңызга жооп бере алабы? "Пил сөөгүнүн мунарасынан оолактап кетиңиз" – өз темаңызды турмуш чындыгына ылайыктап негиздеңиз.

Көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү баалоо менен иш баштаңыз. Сиздин тармагыңызда кандай маселелер, чакырыктар, жаңылыктар жана окуялар талкууланып жатат? Учурдагы алкактан чыгып кетиңиз, өзүңүзгө шыктануу жана чыгармачыл кубат издеңиз. Профессорлор, изилдөөчүлөр, курсташтар жана достор менен баарлашыңыз. Кайраттуу болуңуз, өзүңүздүн көнгөн жылуу жайыңыздан тартынбай чыгып кетиңиз. Эсиңизде болсун, илимий изилдөө сиздин жашооңуздун кыйла жылдарын талап кылат, бул – сиздин убактыңыз, аракетиңиз жана билимиңиз. Мүмкүн болгон тандоолоруңуздун узун тизмесин түзүп алыңыз, андан соң, тизмеленгендерди талдап чыгып, кыйласын азайтыңыз.

Жакшы тема тандоо

Эмне үчүн изилдөө жүргүзүп жатасыз?

Илимий изилдөө иштерин жүргүзүү жана магистр даражасын алуу үчүн шыктандыруучу бир нече өңүт бар. Жалпы себептер – булар өз тармагыңызда адис болуп жетилүүңүз; кийинчерээк PhD доктордук даражасын алууңуз (ата-энелер мындайды тим эле майдай жактырышат, бирок изилдөө жеке өзүңүз үчүн экенин эч унутпаңыз); жумушка орношууңуз / иштеп акча табууңуз; тажрыйба топтооңуз жана саякаттооңуз; ошондой эле коомуңузга жана мамлекетиңизге салым кошууну да самайсыз. Эми темаңыз өзүңүз эңсеген натыйжага жооп берээр-бербестигин аныктап алыңыз.

Өзүңүзгө тикелей суроолорду узатыңыз:

- Менин изилдөөм үчүн илимпоздук бош орун барбы?
- Учурдагы изилдөөлөргө кантип таяна алам?

Темаңыз изилдөө максаттарыңызга жооп береби же жокпу, аны таразалап алыңыз. Изилдөөнү өзүңүздө бар жөндөмдөр менен бүтүрө аласызбы, эгер жок болсо, анда эмнени үйрөнүшүңүз керек. Бул үйрөнүү статистикалык маалыматты, изилдөө усулдарын, жаңы тилди, илимий ыкмаларды, илимий теорияларды, чет элдик маданиятты (дин, тамак-аш, коом) жана техникалык көндүмдөрдү (маселен, аралыктан чен-өлчөмдүк байкоо жүргүзүү) өзүнө камтышы ыктымал. Изилдөө иши өнөктөштүктү өнүктүрүүнү жана университетте же талаада башкалар менен кызматташууну калыптандырууну талап кылышы ажеп эмес. Сиз өзүңүздүн илимпоздук, дене тарбиялык жана социалдык өңүттөрдөгү даярдыгыңызды камсыз кылыңыз.

Илимий бош жайыт (ниша)

Изилдөө тийешелүү изилдөө контекстинде жүзөгө ашырылат. Өз темаңыз учурдагы жана мурдагы изилдөөлөрдүн жана сиздин өз чөйрөңүздөгү улантылып жаткан талаш-тартыштардын ичинде кандайча орун алгандыгын таразалаңыз. Темаңыз (ашыкча) изилденген жок беле? Илимий тармагыңызда динамика өзгөрдүбү? Мисалы, ковидге чейинки жана ковидден кийинки доорлор ар кандай изилдөө мазмундарын (контексттерин) камсыз кылат.

Изилдөөлөр ортосаар көлөмдө гана жүргүзүлгөн теманы издеңиз. Бул жагдай илимий жактан ургаалдуулукту тастыктайт, ылайыктуу колдоочу адабият менен камсыздайт жана профессорго же долбоордун директоруна теманы негиздеп аңдатууга болот.

Эгерде буга чейинки изилдөөлөр өтө аз көлөмдө жасалган болсо, анда бул, балким, жакшы темадыр, бирок бул тема жаатында жүйөөлөрдү топтоо, даректик документтерди табуу, каржылоо булагына ээ болуу жана профессорго жүйөөлүү аңдатуу алда канча оор болушу ыктымал.

Эгерде тема жаатында өтө эле арбын изилдөө жүргүзүлгөн болсо, анда тандалчу тема артыкбаш баяндалып, ал жөнүндө жаңы сөз айтуу же үйрөнүү дээрлик жокко эсе болмокчу. Мындай жагдайда изилдөөңүз буга чейинки иликтөөнүн эле кайталоосу болуп калышы ажеп эмес.

Тема

Теманы илимий түзүлүшкө негизденүү менен кантип түзүү жана изилдөө керектиги жөнүндө жаратмандык маанайда ойлонуңуз. Темаңыз кантип ар кыл илимий тармактарды чырмап өтүшү мүмкүн экендигин таразалаңыз. Балким, изилдөөгө ар

кандай нукта көз чаптырууга болоор? Сиз өзүңүзгө өзгөчө төп келчү нукту тандаңыз. Бир эле тема бир нече илимий тармакты тепчип өтүшү ажеп эмес; маселен, география, антропология, айлана-чөйрө, өнүгүүнү изилдөөлөр, тарых жана социология тармактарынын ар бири жалпы теманы чечүү үчүн өз ыкмасын сунуштай алат. Алда канча кеңири ой чабыт жасаңыз да, эмгегиңизди жарыкка чыгарышы мүмкүн болгон илимий журналдарды жана эмгегиңиздин темасы боюнча дарс өткөрө турган кафедралар жөнүндө ой калчап алыңыз. Изилдөөңүз үчүн орун табылаар бекен?

Мисалы, азганактай эле сандагы батыш географтары Монголияда иш алып барышат. Анын сыңарындай, аз гана монгол аялдары география, айлана-чөйрө жана физика илимдерин тандап окушат. Эки жагы тең бул тармакта тез арада адис болууга мүмкүнчүлүк ыроололойт. Теманы аныктоодо өзгөчө тапкыч болуңуз, анткени ар башка илимий тармактарда изилдөөңүздү колдоого ала тургандай окшоштуктар бар болушу ажеп эмес. Эгерде изилдөө Монголияда жүзөгө ашырылчу болсо, анда сиз башка өлкөлөрдөгү тийешелүү изилдөөлөрдү "малчылар", "климаттык өзгөрүү", "чөлдөр", "сүт маданияты" же "тоо-кен өнөр жайы жана жамааттар" сыяктуу ачкыч (багыттоочу) сөздөр аркылуу издей аласыз.

Теманы жалпы жонунан пландаңыз

Пландоо – изилдөө ийгилигинин ачкычы. Теманы жана ага карата ыкмаларды жалпы жонунан ачыктаңыз жана ар дайым теманы көңүл чордонунда тутуңуз. Бул турумуңуз маалыматты жана булактарды караштыруу жана издөө терминдерин тандоо кезеңинде эле башталат. Теманы таасын сыпаттаган сөздөрдү колдонуңуз (мисалы, Монголия, айлана-чөйрө, кургакчылык, малчылар, суу, кудуктар, постсоветтик, өсүмдүктөр (мал оту), мал чарбачылыгы, жутчулук, Гоби...). Изилдөө доорун тандаңыз – заманбап доор же өтмүш. Өзүңүз изилдей турган жамаатты мерчем катары тандап алыңыз; маселен, шаардыктарды эмес, элет калкын жана малчыларды тандашыңыз ажеп эмес. Изилдөө жүргүзүлчү аймакты жана тийешелүү усулдарды да тандап алыңыз. Бул жагдайда кайсы-бир изилдөө чөлкөмүндө (мисалы, Африкада) колдонулган илимий усулдар менен ыкмалар башка бир чөлкөмдө (маселен, Азияда) да пайдаланылышы мүмкүн.

Изилдөө түрлөрү

Коомдук жана так (анын ичинде физика) илимдердин ортосунда өз ара айырмаланышы мүмкүн болгон изилдөөнүн бир нече түрлөрү бар. Стандарттык усул – бул түп нуска (оригинал) маалыматтар тобун (мисалы, атайын сыноо жүргүзүүнүн,

булак менен маектин же талаа изилдөөлөрүнүн матриалдарын) жыйноо. Кайсы бир илимпоз улуттук статистика же тарыхый архив сыяктуу учурда сакталып жаткан маалыматтар тобун талдай алат; бул ыкма – бул климат таануу жаатындагы маалыматтарды изилдөөнүн сүймөнчүктүү аргасы. Изилдөө ишинде илимий ыкмалар (мисалы, теориялар, усулдар же чечмелөөлөр) өз ара салыштырылышы мүмкүн. Ыкмалар бири-бири менен айкалыштырылышы жана кайра башкача тартипте жайгаштырылышы деле ыктымал. Изилдөөнүн долбоорун жана усулдарын түзүп алыңыз да, андан соң илимий көйгөйлөрдү көңүл чордонуна коюп, иликтөөңүздү улам жакшырта бериңиз.

### Илимий эмгектин түзүлүшү жана аны жазуу жадыбалы

PhD докторлук даражасы үчүн диссертациялык ишиңизди жакшылап уюштуруңуз! Демейдеги план төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

- 1-жыл – даярдоо, окуу, изилдөөнү долбоорлоо
- 2-жыл – изилдөө, талаа иштери, иликтөө
- 3-жыл – талдоо, текст жазуу, ишти шардана кылуу (презентация)
- 4-жыл – журналдардагы макалалар, диссертацияны аяктоо, сынак / оозеки жактоо

Пландоо – олуттуу мааниге ээ. Эмгегиңиз таасын түзүлүшкө ээ болушу керек жана аны аткаруу үчүн акылга сыярлык мөөнөттүк жадыбалды түзүп алыңыз. Андан кийин бул түзүлүштү жана жадыбалды кармаyыңыз.

### Конкреттүүлүктү кармаңыңыз

Кеңири темадан баштаңыз, андан кийин конкреттүүлүктү кармаңыңыз. Камылга иштери олуттуу мааниге ээ. Бул жүрүм узак убакытты талап кылышы мүмкүн, сиз оюңузду өзгөртө аласыз. Алгачкы олуттуу кадамдарды жасаңыз, андан соң алдыга жеңилирээк өрдөй бересиз.

### Илимий талаптарды текшериңиз

Өзүңүздүн билим берүү программаңыздын турмуштук талаптары кандай экенин таасын аңдоого тийишсиз. Диссертация жазуу үчүн андагы сөздүн минималдуу жана максималдуу саны канча болоорун тактап алыңыз. Диссертациянын форматы

илимий макалалар же китеп бөлүмдөрү сыяктуу болушу мүмкүнбү? Иш жазуу баскычтарын жана аяктоо мөөнөтүн таасын билиңиз.

Эгер сиз темаңызды тандап алчу болсоңуз, анда изилдөө алда канча байсалдуу жүрөт. Арийне, кайсы бир учурларда профессор, университет же долбоордун каржылоочусу Сизге тема тандап бериши ажеп эмес.

Талапка ылайыктуулук (ургаалдуулук)

Өзүңүзгө суроо узатыңыз: деги бул изилдөө ургаалдуубу? Изилдөө – бул жаңы билимге жана жаңы аңдоого умтулуу. Темаларыңыз дал ушул шыктандырчу мүдөөгө төп келээрине көзүңүз жетүүгө тийиш.

Илимий ургаалдуулук – бул изилдөөнүн билимдеги кайсы бир боштукту толтурушу же сиздин тармагыңыздагы кайсы бир илимий талаш-тартыштарга салым кошо алышы.

Коомдук ургаалдуулук – бул изилдөөнүн коом жаатындагы аңдообузду өркүндөтө алышы жана коомдук өзгөрүүлөр тууралуу маалымдай алышы.

Турмуштук тажрыйбадагы ургаалдуулук – бул изилдөөнүн турмуштук көйгөйлөрүбүздү чечүүдө же жашообуздагы жүрүмдөрдү жакшыртууда колдонула алышы.

Коомуңуздагы көйгөйлөрдү, талаш-тартыштарды жана милдет-чакырыктарды талкуулоого жандуу катышууңуз керектигин көңүлдө тутуңуз.

Көңүл чордонуна эмнени койгонуңузду даана билиңиз

Изилдөө иштериңизге сүңгүп кирээрден мурда өзүңүздүн жекече шыктандырчу жагдайларыңызды аңдап алыңыз. Балким, сиз изилдөөчү же профессор сыяктуу илимпоз болгуңуз келип жаткандыр. Илимий даражаңыз Сизге университетте кесипкөй кызматкер болууңузга, өкмөттө, ишкердик чөйрөдө иштөөңүзгө, кеңешчи болууңузга же расмий мекемеге орношууңузга мүмкүнчүлүк жарата алат. Изилдөөнүн түпкү мазмунун жана талаптарын үйрөнүп алыңыз жана өз максаттарыңызды жүзөгө ашыруу үчүн ылайыктуу усулдарды тандаңыз. Убакыттын, каржылоонун, жабдуулардын, тилдин, көндүмдөрдүн жана жекече жөндөмдүүлүктөрүңүздүн чектөөлөрүн эсиңизде тутуңуз.

Тактоо тизмеси

- o Өзүңүздү кызыктырган теманы иштеп чыгыңыз. Сизде кандай ресурстар бар экенин аныктап алыңыз: убакыт, акча, кишилер көңүлдө турсун. Бул өңүттөргө назарыңызды буруугa жетиштүү эркиңиз болсун.
- o Тема боюнча мүмкүн болушунча баарын окуңуз. Окуу үчүн талап кылынган чегинен тышкары чыгып да окуңуз; изилдөө алкагыңызды андан ары өнүктүрүүгө огожо болоор нерселерди табыңыз.
- o Темаңызды колдоо үчүн теориялык негизди табыңыз.
- o Боштуктагы өзүңүз өзгөртө ала тургандай орунду издеңиз.
- o Темаңызды андан ары өнүктүрүүгө жол бериңиз; өзүңүз терең үйрөнгөн жана улам көбүрөөк билимге ээ болгон сайын темаңызды да өзгөртүңүз.
- o Адистерден өз ишиңиз тууралуу конструктивдүү пикирлерди жана кеңештерди алыңыз.

**Кошумча адабият:**


-  Agee, J. (2009). Developing qualitative research questions: a reflective process. International Journal of Qualitative Studies in Education 22(4): 431-447.
-  Bell, J. (2010). Doing Your Research Project. Open University Press
-  Bryman, Alan. 2005. The Research Question in Social Science Research: What is its Role? International Journal of Social Research Methodology. 10:1, 5-20, DOI: 10.1080/13645570600655282
-  Kanewiyakiho, Elder Delvin, Sawchuk, Katrina F., and Ramsden, Vivian R. (2021) Ask before You Ask Co-developing Meaningful Research Questions with Indigenous Elders. Canadian Family Physician 67.12. 947-48
-  Sandberg, Jörgen, and Mats Alvesson. (2011). Ways of constructing research questions: gap-spotting or problematization?. Organization 18.1: 23-44
-  Chapter 2 in White, P. (2009). Developing Research Questions: A guide for Social scientists. Palgrave Macmillan, Basingstoke.

# 4. Коомдук илимдердеги жалпы усулдар

Соңку жылдары коомдук илимдерде бир катар саамалыкчыл жана жаратмандык усулдар пайда болду. Көркөм өнөргө таянган изилдөө усулдары калайыкка көбүрөөк жагууда (маселен, фотограф Фабиан Өфнердин айтылуу TEDx жыйынындагы бул баяндамасынын тасмасын көрүңүз: https://youtu.be/vYN-anlXcBs).

Автоэтнография, биргелешкен карта түзүү жана ширелишкен усулдар да учурдагы сап башындагы изилдөө ыкмаларына киргизилди.

Арийне, бул дарс топтомунда биз коомдук илимдердеги маалымат топтомун чогултуу ыкмаларынын үч классикалык түрүн: маек (интервью), катышуу аркылуу байкоо жүргүзүү жана этнография усулдарын карайбыз. Бул усулдардын негизин байкоо жүргүзүү, үйрөнүүнүн тажрыйбалык түрлөрү, баарлашуу жана чечмелөө түзөт. Биз бул усулдардын артыкчылыктары менен кемчиликтерин, алар талап кылчу көндүмдөрдүн түрлөрүн жана алар жарата алчу маалымат топтомдорунун түрлөрүн талкууга алмакчыбыз.

Коомдук илимдердеги жалпы усулдар

1. Интервьюлар (маектер)
2. Катышуучу катары байкоо жүргүзүү
3. Этнография

Өнөктөш менен рефлексиялык (натыйжасы жөнүндө өз алдыңызча акыл калчаган) көнүгүү

- Сиз мурда маалымат топтомун чогултуунун кандай усулдарын колдондуңуз эле?
- Эмне үчүн бул усулдарды колдонууну чечтиңиз?
- Бул усулдарды натыйжалуу колдонуу үчүн Сизге кандай көндүмдөрүңүздү өнүктүрүү зарыл болду эле?

Усулдардын ар кыл түрлөрү

- Сурамжылоолор жана анкеталар
- Дискурсту (заманбап кептин тулкусун жана маңызын) талдоо
- Оюнга негизделген усулдар (сынактык психологияда кеңири таралган)
- Коомдук кийлигишүү камтылган тажрыйба сынактары
- Катышуучунун салымына таянып карта түзүү
- Көркөм өнөргө негизденген усулдар

Маектер (оозеки баарлашуулар)

Коомдук илимдердеги сыналган жана чыныгы усул

Эмне үчүн биз маек (интервью) усулун колдонобуз?

"Белгилүү бир шарттардагы кыймыл-аракеттерди изилдөө жана аңдап-билүү, кишилердин карым-катнаштарына байкоо салуу жана эмне үчүн кишилер өздөрүн кайсы бир нукта сезип турушаарын жана кандайдыр бир иш-аракетке бараарын мүмкүн болушунча көбүрөөк ачып үйрөнүү".

(McDowell 2010)

“Кишилердин... тажрыйбалары, көз караштары, асыл-нарктары, умтулуулары, мамилелери жана сезимдери жаатында өзгөчө баалуу аңдоого ээ болушубузга мүмкүнчүлүк жараткандыгы үчүн ал пайдалуу”.

(May 2001, 120-бет)

Маек көптөгөн суроолорго жооп табуубузга мүмкүндүк жаратат

- Кантип жеке кишилер тарыхый окуяларды, өздөрү кабыл алышы мүмкүн болгон чечимдерди же аткара алышы ыктымал болгон аракеттерди баяндап бере алышат?

- Талаштуу же татаал маселелер боюнча кишилер кандай көз караштына карманышат?
- Бир маселеге же көп маселелерге байланыштуу кандайча ар кандай көз караштар бар?
- Коомдук асыл-нарктарды, күнүмдүк иштерди, турмуштук тажрыйбаларды жана ар кыл иштерди жасоо ыкмаларын аңдоо
- Жергиликтүү билимди жана тажрыйбаны түшүнүү

Маектик маалымат топтому – теманын ресурсу, же экөө тең зарылбы?

- маектик маалымат топтому – ресурс катары
  - o Сиз факт камтылган маалыматты алгыңыз келет дегенди туюнтат
  - o Маектешиңиздин жообу өзүңүз таанып биле алчу турмуш чындыгына канчалык төп келип жаткандыгын салыштырыңыз

- Маектин маалымат топтому – талдоо темасы катары
  - o Маекке чакырылгандар өздөрүнүн дүйнөсүн кантип аңдашат же боолголошот?
  - o Маекке чакырылгандар кандай ишенимдерге ээ (бул ишенимдердин "чындыгы" маселесине карабастан)

Маек (интервью) түрлөрү

– Өмүр таржымакалын баяндоо

– Сейил маалындагы маектер

– Фото сүрөт тартуу

– Негизги маалымат булагынын маектери

– Таасын түзүлүшкө ээ маек

– Жарым-жартылай тагыраак түзүлүшкө ээ маек

– Расмий эмес маек

Изилденчү калайыкты (чөйрөнү) аныктаңыз

- Кайсы топ же топчо кызыгуу туудурат жана өзгөчө бай жана темага эң алгылыктуу маалымат менен жабдый алат?
- Кайсы топторду иликтөө тизмесинен алып салуу керек?
- Максаттуу өрнөктүк тандообу же капысынан туш келчү өрнөктүк тандообу?

Максаттуу өрнөктүк тандоо

- o Жарамдуулук критерийлерин калыптандырып алыңыз
- o Кар тоголугу же өз ара ширелтилген чынжырча жолдомо усулу колдонушу мүмкүн
- o Өрнөктүк өлчөмдөр үчүн атайын "белгиленген" сунуш жок.
- o Өрнөктү каныккан чекке жеткенге чейин алууга үлгүрүү керек.
- o Көпчүлүк изилдөөчүлөр илимий изилдөөнү "каныктыруу чекитине" жетүү үчүн 15-60 катышуучунун арасында маек курууну сунуш кылышат.

– Дагы караңыз: Guest, Greg, Arwen Bunce, and Laura Johnson. (2006) How many interviews are enough? An experiment with data saturation and variability. (Эмгек аталышынын котормосу: “Канча сандагы маек жетиштүү болот? Маалымат топтомунун каныккандыгы жана өзгөрмө варианттар жаатында сыноо жүргүзүү”).

Field methods 18.1: 59-82.

Маекке камылга көрүү

- Маек (интервью) үчүн колдонмону иштеп чыгыңыз. Ал – сиз сурай турган конкреттүү суроолордун/кеңири темалардын тизмеси. Аны маекке чакырылган киши аңдагандай кылып түзүңүз.
- Маек – эч кандай анкета эмес!
- Маек өзүнө баарлашууну камтууга тийиш.

Кандай түрдөгү суроолорду узатышыңыз керек?

– Жооп берүүгө ачык суроолор жана алардын каршысы – жооп берүүгө жабык суроолор
– Сыпаттап баяндоочу суроонун каршысы – нормативдик (эрежечил) суроо
– Конкреттүү суроонун каршысы – абстракттуу суроо
– Талашсыз суроонун каршысы – талаштуу суроо
– Козутуучу суроонун каршысы – бейпил маанайдагы суроо

(Жетелеме суроолордон этият болуңуз)

Кеңири жооп үчүн ачык суроолор

- Сиздин... тууралуу көз карашыңыз кандай?
- Сиз ... жаатында кандай көз караштасыз?
- Мен ... жаатында сиздин оюңузду уккум келет.
- Тээ бир кезде ... байланыштуу болгон окуяга кылчайып баяндап берсеңиз.
- Канчалык тез-тез ... орун алып турат?

Жетелеме же жооп үчүн жабык суроолорду берүүдөн оолак болуңуз

- Менимче, сиз өзүңүз деле ата-энелерден болгондугуңуздан улам ушундай сезимде болуп жаткандырсыз, чынбы?
- Мунун өзү Сиздин мугалим катары тажрыйбаңыздан улам болгон чыгаар?
- Бардык саясатчылар жемкор болушат деген ойду туюнтуп жаткан жоксузбу?

Өзү баарын билем дей бергендик жана бир турумду ээлеп туруп алуу

- Өзүңүздүн тек-жайыңыз, жекече ишенимиңиз, тилдик акцентиңиз, жынысыңыз, социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөрүңүз ж.б.у.с. жөнүндө чагылдыруу
- Маекке чакырылган киши сизди инсан катары кандайча кабыл алат? Маекке чакырылган кишинин өзүн ыңгайлуу сезиши үчүн керектүү аргаларды таба алдыңызбы?
- Сиз менен маектешиңиздин ортосундагы өз ара (кырдаалдагы жетекчиликке байланыштуу) таасир көрсөтүү динамикасы кандай болууда?

Маек алып баруу – бул баарлашуу

"Сапаттуу маек жүргүзүү маекке чакырылган кишилердин ички дүйнөсүн калыптандырган мааниlерди, чечмелөөлөрдү жана аңдоолорду таанып-билүүгө жетишерлик болчудай аларды кунт коюп тыңдоону талап кылат”.

- (Rubin and Rubin, 1995: 7)

"Суроо берүү жөндөмү – маек жүргүзүүдөгү чеберчиликтин жарым-жартылайын гана түзөт".

(Valentine, 2005: 122)

**Кошумча адабият:**


- McDowell, L. 2011. Interviewing: Fear and Liking in the Field. In DeLyser, D., Herbert, S., Crang, M. and L. McDowell (eds). The SAGE Handbook of Qualitative Geography, p. 157
- Bernard, H. R. 2011. ‘Participant Observation’, in Research Methods in Anthropology. Lanham: Rowman & Littlefield, pp. 256-290
- Blommaert J (2010) Ethnographic Fieldwork: A Beginner’s Guide. Bristol: Multilingual Matters. (A useful book looking at the process of doing ethnographic fieldwork, divided into before fieldwork, during, and after.)
- Crichton, Susan, and Shelley Kinash. (2003) Virtual ethnography: Interactive interviewing online as method." Canadian Journal of Learning and Technology/La revue canadienne de l’apprentissage et de la technologie 29.2.
- Emerson RM, Fretz RI and Shaw LL (2011) Writing Ethnographic Fieldnotes. University of Chicago Press. (A book focusing on how to produce and use ethnographic fieldnotes.)
- Evans, J., & Jones, P. 2011. ‘The walking interview: Methodology, mobility and place.’ Applied Geography 31(2): 849–858
- Harvey, W. S. 2010. ‘Methodological approaches for interviewing elites.’ Geography Compass 4(3): 193–205
- ‘Ethnography and participant observation’, in DeLyser, D., Herbert, S., Aitken, S., Crang, M. and McDowell, L. (eds.) The Sage Handbook of Qualitative Geography. Sage, London, pp. 121–137.

# 5. Изилдөө жүргүзүүнүн адеп-ахлагы (этикасы)

Бул дарс түрмөгү илимий изилдөөлөрдөгү этикага (адеп-ахлакка) болгон мамилелер жана коомдук илимдердеги адеп-ахлак жаатындагы сын көз караш камтылган кызуу талкуулар баяндалат. Бул дарс адептик маселелерди кароо боюнча турмуштук тажрыйбага жана конкреттүү жагдайга негизделген ыкманы колдонот; мында төмөнкү багыттоочу суроолор каралмакчы:

• Изилдөө жүргүзүүнүн адеп-ахлагы (этикасы) деген эмне?

• Изилдөө ишиңизде адеп-ахлактык стандарттарды сакташыңызды камсыз кылуу үчүн көзөмөл кеңешинин адеп-ахлак жаатындагы жактыруусу жетиштүү болобу?

• Изилдөө учурунда жана ишти жазуу жүрүмүндө, ошондой эле изилдөө жүргүзүү маалында өзүңүз калыптандырган карым-катнаштарда кандай түрдөгү адептик чечимдерди кабыл алууга муктажсыңыз?

• Менин изилдөөм эч бир кишини катыштырбастан жүргүзүлгөн болчу – мындай шартта эмне үчүн мен изилдөө жүргүзүүнүн адеп-ахлагы жөнүндө баш оорутушум керек жана кайсы маселелер олуттуу мааниге ээ?

• Талаа иликтөөлөрү маалында изилдөөчүлөр туш келчү өзгөчө (уникалдуу) адеп-ахлактык дилеммалар (кайчы нуктар) кайсылар?

(Изилдөөчүлүк) адеп-ахлакка карата философиялык жана мекемелик мамилелер

"Адеп-ахлактык жүрүм-турум ар түрдүү адеп-ахлактык эрежелери бар жамааттардагы кишилердин күтүүсүнө карата сезимталдыкты жана тийешелүү илимий иш жазылган чөйрөдөгү физикалык жана коомдук мамилелердин түйүндөрүн таанууну талап кылат".

Clifford et al 2016, 58-бет.

"Адеп-ахлак – бул изилдөөчүнүн иш-аракеттерин, ошондой эле катышуучуларга, катышуучулардын үй-бүлөлөрүнө, алиги изилдөөчүгө жана изилдөөнүн коомдогу кардарларына бул иш-аракеттер кандайча таасир этип жатканын актоо болуп саналат. Бул актоо туура, ылайыктуу же адептүүлүккө жатат деп саналат".

Lahman et al, 2011. 1398-бет.

Адеп-ахлак мисалы: Темир жолдогу вагондун көйгөйү



Нукту которуу



Айланма нук



Жөө жүргүнчү көпүрөсү

Сиз – Лондон шаарындагы темир жол кызматкерисиз, дейли. Күтүлбөгөн жерден сиз поюз вагону тездик менен төмөн жакка жылып келе жатканын көрүп калдыңыз... Мына-мына вагон кырсыкка кириптер кылчудай болуп калды!

Алиги вагондун азыркы чыйыры беш жумушчуну бөөдө өлүмгө дуушар кылчудай болуп турат. Эми сиз темир жол рельстерин алмаштырып, нукту башка жакка бура турган аспапты да көрүп турасыз. Бул аспап вагонду башка нукка бура алат да, андай шартта бир жумушчу өлүмгө кириптер болушу күтүлөт.

Эми сиз темир жол нугунун бургучун алдыга түртө салып, төрт кишини сактап, бирок бир кишинин өлүмгө учурашына жол коё аласызбы? Же болбосо эч нерсе кылып отурбастан, поюз өз ыргагы менен келип, төрт кишини басып мерт кылганын четтен байкап жөн кала бересизби?

Мындагы алда канча мыктыраак адеп-ахлактык тандоо кайсынысы?

Мында так кесе айтылчу туура жооп жок. Бул – философиянын бир тармагы болгон адеп-ахлак илиминдеги ой чабыт үчүн көнүгүү түрү болуп саналат. Бул көйгөй болжол менен XX кылымдын башынан бери эле талкууланып келет.

Ар кандай адеп-ахлактык мамилелер – Батыш философиясы

1. Утилитаризм

Биз ар дайым жалпы Ааламдагы жыргалчылыктын жалпы көлөмүн максималдуу түрдө көбөйтүү үчүн аракет кылышыбыз керек.

2. Эгоизм (өзүмчүлдүк)

Биз өзүбүздүн жеке жыргалчылыгыбызды мүмкүн болушунча жогорулатуу үчүн аракет кылышыбыз керек

3. Деонтологиялык

Тийешелүү иш-аракеттер, келип чыкчу кесепеттерге карабастан (маселен, чындыкты айтып салуу), милдеттер болуп саналышат.

4. Укук адеп-ахлагы

Ар бир кишинин, кандай гана кырдаалдар жаралбасын, эч ким буза албай турган тубаса укуктары бар

5. Айкөлдүк адеп-ахлагы

Биз кандай сапаттагы киши болууга тийишпиз? Мында эмне кылышыбыз керектиги жөнүндө сөз жүргөн жок...

6. Феминисттик адеп-ахлак

Батыштын философиялык салттарында мурда орун алган аялдарга карата аларды төмөндөтүп баалаган мамилени бутага алат; өзгөчө алганда, бир жагынан жана жарым-жартылай түрдө карым-катнаштарга басым жасайт.

7. Айлана-чөйрө / экология адеп-ахлагы

Жаратылыштын өзүнүн моралдык макамы бар жана биз, кишилер үчүн жаралчу кесепеттерге карабастан, жаратылышты коргоого милдеттүүбүз.

Деонтологиялык мамилелер жана аларга каршы – натыйжачылдык (консеквенциализм)

Биринчи ыкма (деонтологиялык мамиле) сиздин иш-аракеттериңиздин түздөн-түз кесепеттерине башкы көңүлдү бурат (маселен, берилген шерт же убаданы бузуу?)

- айрым бир иш-аракеттер өзүнөн өзү жакшы деп саналат
- кандайдыр бир нерсе, ал түгүл ал жакшылыктын жамандыктын үстүнөн эң чоң өлчөмдөгү тең салмактуулугун камсыз кыла албаса да, адеп-ахлактык жактан туура болушу мүмкүн

Экинчи ыкманын (натыйжачылдык мамилесинин) ишенимине караганда, эгерде иш-аракет "жаманга караганда жакшылыкты көбүрөөк өндүрүп чыгарса", анда ал – туура иш-аракет

- "зыян жокпу, анда бузуктук да жок"
- Иш-аракеттердин натыйжаларынын аркасында, бул иш-аракеттер адептүүлүккө жатат (ошондуктан "туура" делген нерсе сөзсүз түрдө эле "жакшы" болуп саналбайт)

Эгерде адеп-ахлак сиздин иш-аракеттериңизди актоого байланып жатса, анда деги абсолюттук моралдык мыйзамдар же принциптер делчүлөрдүн өздөрү барбы?

Кеңирирээк системалар / түзүлүштөр

- Илимий жоболор жана эрежелер
- Мекемелик (институттук) талаптар
- Саясий мурастар
- Ким пайда көрөт?
- Идеялар үчүн ким упай (кредит) алат?
- Билимге ким кожоюн?
- Автордук укук жана атрибуция?
- Илимий эркиндиктин деңгээли?
- Жарыяланабы же ойрон болобу? жана башка көйгөйлөр

Адеп-ахлактык дилеммалар / жаңжалдуу учурлар?

– Талаа изилдөө иштери маалында кишилердин ортосундагы чыр-чатактарды кантип чечүү керек?
– Мыйзамсыз иш-аракеттерге күбө болуп жатасызбы?
– Кордук көрсөтүү же куугунтук кылуу жоруктарына күбө болуп жатасызбы?
– Долбоордун кызыкдар (демөөрчү) тараптарынан көмөк же каржылык жардам сурап жатасызбы?
– Меймандостук, жардам берүү ж.б. жагдайлар үчүн башкаларга көз каранды болуудасызбы?

Адеп-ахлактык сынак жүргүзүүнүн көптөгөн алкактарынын пайдубалын түзгөн негизги жоболор төмөнкүлөр:

• Адилеттик: ал кимге пайда алып келет? Ал чындап адилби?
• Айкөлдүк: түйшүктү же зыянды четке кагуу, жакшылыкты бар болушунча арттыруу
• Урмат-сый: Башкалардын жыргалчылыгын, ишенимдерин, мурастарын, үрп-адаттарын эске алуу
• Купуялуулук жана жашыруундук: Институттук жана жекече инсандык
• Кабары бар макулдук: Ачык-айкындуулук жана изилдөөнүн жана ага катышуунун натыйжалары жөнүндөгү маалыматтын толук ачып берилиши

Адеп-ахлак талаптары изилдөөнүн бардык баскычтарына киргизилген

Пландоо – Маалымат топтомун чогултуу – Ишти жазуу / Өкүлчүлүк – Калкка жайылтуу –Жоболоштуруу

"Зыян кылба" дегендин чегинен тышкарыбы?

- o Медициналык изилдөөлөрдүн таасири – “Эч зыян келтирбе” жобосу (принциби)
- o Минималдуу стандарт
- o Изилдөөнүн айлана-чөйрөгө, коомдорго, жеке кишилерге, өзүңүзгө жана башкаларга тийгизчү кесепеттерин азайтуу же жок кылуу
- o Изилдөө иштерине катышуу түйшүгүн азайтуу же таптакыр жоюу (мисалы, убакыт милдеттенмелери, саякаттоо талаптары ж.б.)

Кабары бар макулдук деген эмнени аңдатат?

- Кишинин илимий долбоорго катышууга ыктыярдуу макулдугу
- Катышуучу изилдөө жөнүндө, анын ичинде ал өзү эмнеге салым кошору күтүлүүдө, анын маалыматтары кандайча колдонулмакчы жана катышуунун туш келчү тобокелдиктери менен артыкчылыктары эмнеде экендиги тууралуу да так түшүнүккө ээ болот
- Макулдук берүү – үзгүлтүксүз улантылчу жүрүм

Адеп-ахлак кодекси – Борбордук төрт асыл-нарк

- Калыстык,
- Урмат-сый,
- Камкордук жана
- Чынчылдык

Катышуу жана башкалар үчүн өкүлчүлүк кылуу

- Барган сайын каржылоочулар жергиликтүү катышуучуларды изилдөөнүн долбоорлоо баскычынан тартып тийешелүү илимий долбоорлорго тартууну талап кылышууда
- изилдөөлөр кызыкдар тараптарга (демөөрчүлөргө) илимий чөйрөдөн тышкаркы алкакта пайда келтирүүнү камсыздайт
- Алда канча кеңирирээк таасир этүүнүн күн тартибинин бир бөлүгү

– жергиликтүү жамааттардын алдында баяндама жасап турууну шыктандырат

– Салттуу изилдөөлөр жөнөкөй гана кен казып алуу түрү катары каралат

– Изилдөөчүлөр маалымат чогултушат да, жергиликтүү калайык эч качан алынган жыйынтыктарды билишпейт

– Тышкаркы изилдөөчүлөр менен жергиликтүү кызыкдар тараптардын ортосунда пайданы биргелешип үлөшүүгө жана алда канча тең укуктуу карым-катнашты түзүүгө көбүрөөк багыт алуу

Эмгегиңизде башкалардын өкүлү милдетин аткаруу

- Эмгегиңиздин соңку жарыяланган вариантында катышуучуларыңыздын ким экендигин аныктоого мүмкүнбү?
- Катышуучулар акыркы изилдөө натыйжалары алар үчүн дагы жеткиликтүү болушун күтүшү мүмкүн

.....б.а. эмгек көп жаргондук сөздөр жок жазылса; же ал адистик терминдер өзгөчө ыкма менен аңдатылып чагылдырышы мүмкүн

“Катышуучу өз жашоо таризинин турмуштук чындыгын чагылдырган табылгаларды көрүүнү күтүп жаткан чакта, изилдөөчү таптакыр башка долбоорду илим чөйрөсүнө жеткирүүнү алдын ала болжошу мүмкүн.

Бул боштукту алдын ала билүү жана башкаруу – изилдөөчүнүн адеп-ахлактык жоопкерчилигине кирет; ошондой эле, изилдөөгө катышуучулар үчүн, – сомоло даректерде (документтерде) өздөрү жөнүндө жазылгандарды окуп билүү аркылуу өзүн өзү таануунун жаңы түрлөрүнө кабылуунун сыңарындай эле, – бул жарык көргөн эмгек жана ал басылып чыккан орун өзгөчө олуттуу мааниге ээ экендигин аңдоо дагы изилдөөчүнүн адеп-ахлактык жоопкерчилигине жатат”.

(Pickering and Kara 2017: 302)

Институттук (мекемелик) талаптар – Оксфорд

Адеп-ахлактык сын пикир жүрүмү – жазуу жүзүндөгү арыз

- Суроолор булар тууралуу:
  - Долбоордун максаттары жана милдеттери
  - Эмгекте колдонулган методология
  - Чогултула турган маалымат топтомунун түрлөрү
  - Маалымат топтому кантип корголот жана башкарылат
  - макулдук кандай жол менен алынат
  - Катышуучулар үчүн тобокелдиктер жана пайдалар (артыкчылыктар)

**Кошумча адабият:**


- Code of Conduct for Ethical Fieldwork. School of Geography and the Environment, University of Oxford.
- Bejarano, C.A. et al. 2019. Decolonizing Ethnography: Undocumented Immigrants and New Directions in Social Science. Durham: Duke University Press.
- Biruk, C. 2018. Cooking Data: Culture and Politics in an African Research World. Durham: Duke University Press.
- Carusi, A. (2008). Data as representation: Beyond anonymity in e-research ethics. International Journal of Internet. Research Ethics, 1, 37–65.
- Ferretti, A., Ienca, M., Velarde, M. R., Hurst, S. & Vayena, E. 2022. The Challenges of Big Data for Research Ethics Committees: A Qualitative Swiss Study. Journal of Empirical Research on Human Research Ethics, 17, 129-143.
- Henn, S., Miggelbrink, J., and K. Horschelmann. 2022. Research Ethics in Human Geography. London: Routledge.
- Kara, H. 2018. Research Ethics in the Real World. Bristol: Policy Press.
- Myers, A. 2010. Camp Delta, Google Earth and the ethics of remote sensing in archaeology. World Archaeology 42(3). https://doi.org/10.1080/00438243.2010.498640
- Salwén, H. 2021. Research Ethical Norms, Guidance and the Internet. Science and Engineering Ethics, 27

- Schöpfel, J., Azeroual, O. & Jungbauer-Gans, M. 2020. Research Ethics, Open Science and CRIS. Publications, 8, 51.
- Soranno, P.A. et al. 2014. It's Good to Share: Why Environmental Scientists' Ethics are Out of Date. BioScience 65(1): 69-73.
- Taylor, M. (2014), 'Being useful' after the Ivory Tower. Area, 46: 305- 312. https://doi.org/10.1111/area.12117

**Калемдешип жазылган эмгектер:**

- COPE Council. COPE Flowcharts and infographics — Ghost, guest, or gift authorship in a submitted manuscript — English. https://doi.org/10.24318/cope.2019.2.18
- Helgesson, G., Z. Master and W. Bulow. 2021. How to Handle Co-authorship when not everyone's research contributions made it into the paper. Science and Engineering Ethics 27.
- Taylor & Francis. Co-authorship in the Humanities and Social Sciences: A Global View. Available at: https://authorservices.taylorandfrancis.com/co-authorship-in-the-humanities- and-social-sciences/
- Taylor & Francis. Ethics for Authors: Guidelines, support and your checklist. Available at: https://authorservices.taylorandfrancis.com/publishing-your-research/writing-your-paper/ethics-for-journal-authors/

# 6. Жүйөө келтирүүнү өнүктүрүү




Жүйөөнү иштеп чыгуу – илимий эмгекти жазуу үчүн олуттуу ачкыч. Жүйөө изилдөөгө түрткү берет жана макаланын же диссертациянын чордону болуп саналат. Жүйөө билдирүүдөн же баштапкы сунуштан башталып, андан соң иликтөөгө алынат да, окурманга сунушталат. Бекем жүйөө сиздин изилдөөңүздүн ургаалдуу болушу жана өз илимий чөйрөңүзгө таасир этиши үчүн өтө маанилүү. Ал – сиздин изилдөөңүздүн усулдарынын, талдоосунун жана корутундуларынын кыймылдаткыч күчү.

Платон мындай деген эле: "Жүйөөлөр көп учурларда өздөрүн нагыз тейде көрсөтүшөт". – Сиз өзүңүзгө мындай жорукка барууга эч качан жол бербеңиз. Бул дарста биз кантип жүйөөнү иштеп чыгуу керектигин жана аны изилдөөңүз жана ишти жазууңуз учурунда кантип ырааттуу колдонушуңуз зарылдыгын талкуу кылабыз. Бул жүйөө илимий чөйрөгө жаңы билимдерди жана түшүнүктөрдү тартуулооңуз үчүн өз изилдөөңүздү тийешелүү алкакка салат.

Жүйөө келтирүүнү өнүктүрүү

Жүйөө сиздин макалаңызга же диссертацияңызга түрткү болуп, аны багыттап берет. Жүйөө окурманга сиз эмнени изилдеп жатканыңызды жана эмне үчүн бул конкреттүү тема атайын изилдөөгө татый тургандыгын баяндап берет. Андан ары жүйөө эмне үчүн дал ушул ыкма изилдөө үчүн мыкты нук болоорун аңдатат.

Адабиятты жалпылап сын көз менен карап чыгуу жүйөөнү алкакка салат жана эмгекке контекст (ички мазмун) тартуулайт. Илимий усулдар болсо эмне үчүн жүйөөлөрдүн топтомун изилдөөгө алуу үчүн талдоо иши алгылыктуу жана натыйжалуу экендигин түшүндүрөт. Чечмелөө, талкуулоо жана корутундулоо акылга сыярлык болууга жана илимий изилдөөдөн келип чыгууга тийиш.

ТААСИР этиңиз

Жүйөөлөр, кишилердин сыңарындай эле, көп учурларда өздөрүн нагыз тейде көрсөтүшөт.

Платон




Платон (б.з.ч. 427–347-жж.) – даңазалуу грек ойчулу, философу болгон. Ал жүйөө аркылуу чындыкты издеп, жазмага түшүрүлгөн теорияны, баарлашууну жана ой жүгүртүүнү өнүктүргөн. Ал ойчул Сократтын шакирти жана ойчул Аристотелдин устаты болгон.

Предмет, билдирүү, баштапкы сунуш

Жүйөөнүн өзөгү – бул негизги алгы-шарт, сиз далилдеп жаткан ой жорум. Баштапкы сунушту даярдоо – илимий иш үчүн өзөккү орунда турат (ал эмгек – эссе болобу, мултимедиялык бянаам болобу, диссертация, изилдөө баяндамасы же тезс болобу, айырмасы жок).

Жакшы даярдалган алгы-шарт бекем, кызыктуу жана илимий талкуу үчүн татыктуу келет. Сиздин баштапкы сунушуңуздун варианты эмгегиңиздин киришүү бөлүмүнө камтыла кетмекчи. Ага тикелей ишаара алгачкы эле абзацта жайгаштырылат.

Жүйөө ургаалдуу болот; ал учурдагы адабият жана алдыңкы өнүккөн билим менен да байланышкан.

Өз жүйөөңүздү сунуштаңыз

Жүйөөңүздү таасын билдириңиз. Жүйөөңүзгө окурманды ынандыруу үчүн далил керек. Далилдерди, маалымат топтомун, булактарды жана мисалдарды келтириңиз. Изилдөө жана талдоо аркылуу баштапкы сунушуңузду колдоого алыңыз. Ырааттуу түрдө даректештириңиз, тикелей шилтеме бериңиз жана адабиятка шилтемелер жасаңыз.

Тиешелүү далилдер баштапкы сунушту автоматтык түрдө далилдей албастыгын моюнга алыңыз; бүтүмдөрдү тастыктоо үчүн иш алып барыңыз. Окурманыңызды ой чабытыңызга жана байланыштарыңызга ынандырыңыз – бул далил кантип жана эмне үчүн сиздин ой чабытыңызды чагылдыраарын аңдатыңыз. Мурда жүзөгө ашырылган илимий изилдөөлөрдү жана башка көз караштарды ыраазылык менен белгилеп, аларды эмгегиңизге киргизүүнү сөзсүз түрдө аткарыңыз.

Өз кутуңуздан тышкары чыгып ой жүгүртүңүз



- Атаандаш көз караштарды жана болжолдуу каршы пикирлерди карап чыгыңыз
- Темаңыз жаатында талаш-тартыштарга жана талкууларга катышыңыз. Өзүңүздүн идеяларыңыздын жана мамилеңиздин чегинен сыртка чыгыңыз
- Жүйөөңүзгө каршы пикирлер жөнүндө алдын-ала боолголоңуз; андагы өңүттөргө жооп даярдап алыңыз
- Жүйөөлөрүңүздү тарытпастан (же чийки кылбастан), тескерисинче, кеңейтиңиз
- Башка көз караштарды, жоболук түшүнүктөрдү, ыктымалдуулуктарды кылдат иликтеңиз
- жүйөөлөрүңүздү алда канча көбүрөөк чоо-жайлуу жана жалпылама негизде чыңдай бериңиз
- Өзүңүздүн илимий изилдөөңүздү жана жүйөөңүздү башкалар менен талкуу кылыңыз

Платон эмне деши ыктымал эле?

- Алгы-шарттар (алдын-ала айтылган жоромолдор) чынбы же чынга коошкондой болуп турабы?
- Эгерде биз алиги алгы-шартты туура деп саначу болсок, анда тыянак жогорку ыктымалдуулук менен жасалабы?

Өз жүйөөңүздү жактыра билиңиз

- Бекем болуңуз, сиздин жүйөөңүз талаш-тартыш туудурууга арзырлык нерсе экендигин камсыз кылыңыз. Логикалык жаңылыштыктардан сак болуңуз. Сизде кандайдыр бир далилдер болгону үчүн эле өз жүйөөңүз автоматтык түрдө далилденип калбайт.
- Эсиңизде болсун, "түзөтүп туруу (корреляция) ≠ себептүүлүк"
- Сиздин далилдериңиздин кандайча жана эмне үчүн бекем, жарактуу жана ишенимдүү экендигин түшүндүрүңүз. Мүмкүн болгон каршы жүйөөлөрдү жана карама-каршы көз караштарды да талдап көрүңүз. Өзүңүздүн маалыматка негизделген тыянактарыңызды чыгаруу үчүн булактык материалдан тышкары да иликтөөдөн тартынбаңыз.
- Билимиңизди ырааттуу өстүрүңүз.

Жүйөөңүздү таасын баяндап бериңиз

Таамай айтыңыз. Мисалы Стенберг жана башкалардын (Sternberg et al; 2022) илимий макаласынын башындагы кыскача мазмундун экинчи сүйлөмүндө мындайча жүйөө шардана кылынган: "Монголиянын Гоби чөлүндө жүзөгө ашырылып жаткан эбегейсиз зор өлчөмдөгү тоо-кен казуу иштери “деги көчмөн мал чарбачылыгы менен тоо-кен өнөр жайы жанаша жашай алышабы?” деген суроо туулгандай деңгээлде олуттуу социалдык көйгөйлөрдү жана айлана-чөйрөдөгү өзгөрүүлөрдү жаратат".

Жүйөөнүн башкы өңүттөрү

Жүйөөгө алкак болуп берчү бир нече өңүт бар. Каралып жаткан маселе боюнча таасын билдирүү жасаңыз. Бул иш адабиятты сын көз менен кароодо орун алат.

Изилдөөңүздүн алдын-ала божомол (гипотеза), суроо, максат же мерчем катары билдирилчү фокусун (көңүл чордонунда турчу өңүтүн) даана ачыктаңыз.

Изилдөөнүн методологиясы илимий иликтөөңүз кандайча жүргүзүлгөндүгүн түшүндүрөт. Алынган натыйжалар жүйөөгө байланыштуу бүтүмдөрдү тартуулайт.

Талкуу жана корутунду эмгекти жыйынтыктап, окурманга натыйжалардын маанилүүлүгү жана ургаалдуулугу жөнүндө маалымдайт. Кылдат сыпаттап жазуу аркылуу автордун ой чабыты жана чечмелөөсү нейтралдуу мүнөздө чагылдырылат. Бул келечектеги изилдөө үчүн ишааралanган бүтүмдөрдү да камтышы мүмкүн..

Ар бир илимий эмгек уникалдуу (көзгө басар) болгону менен, анын ар биринин максаттары бирдей эле: окурманды бир өзөккү идеяга ынандырууңуз, изилдөө жүрүмүңүздүн бүтүндүгүн камсыз кылууңуз жана жүйөөлөрүңүз менен башкы табылгаларыңызды таасын шардана кылууңуз керек. Эмгектин башынан акырына чейин жүйөөнү жеткирүү үчүн баяндоонун бирдиктүү жип түрмөгү өндүрүлөт.

Көйгөйдү ачыктап билдирүү

Илимий эмгек жазуу буга чейин чечилбеген көйгөйдөн башталат же биз билишибиз керек болгон кайсы бир олуттуу маанидеги нерсени аныктап берет. Бул – изилдөөнүн олуттуу маанисин көрсөтөт, өзүнө окурмандын көңүлүн бурат жана тийешелүү изилдөө заманбап билимге кандайча салым кошоорун көрсөтүп берет.

Эми көйгөйдү таасын белгилей алган билдирүүнүн бир өрнөгүн сунуштай кетелик: “Хан-Богд сомонунда жайыт алмаштырган малчылык менен тоо-кен өнөр жайы жанаша жашай алышабы?” [Бул сомон Монголиянын түштүк өңүрүндөгү Өмнөгоб (Түштүк Гоби) аймагында жайгашкан.]

Андан соң илимий эмгекте изилдөө контексти, колдонулган усулдар, алынган натыйжалар берилет жана аталган көйгөйдү чечүүгө арналган талкуу чагылдырылат.

Гипотеза (алдын-ала жоромол), суроо, максат, мерчем

Адабиятты сын көз менен карап чыгуу тандалган темага жана контекстке киришүү сунуштайт. Бул бөлүм изилдөөнүн көңүл чордонундагы өңүтүн (фокусту) таасын көрсөткөн жана билимдеги чечилүүсү күтүлүп жаткан боштукту белгилеген билдирүүнү өзүнө камтыйт. Бул – алдын-ала жоромол (гипотеза), суроо, изилдөөнүн максаттарын же мерчемин билдирүү түрүндө болушу мүмкүн. Билдирүү жана фокус айкын болгондон кийин, ал изилдөөнүн долбоорун жана алынчу билимди бир алкакка сыйдырат.

Изилдөө терең туюм, маалымат жана билим менен жабдый алат; ал изилдеп, салыштырып, сынап-териштире жана иликтей алат. Ал саясатты алмаштыып салбайт, турмушту жакшыртпайт жана айлана-чөйрөнү өзгөртпөйт. Өндүрүлгөн билим жөнүндө жүйөөлүү талаптарды коюңуз.

"Туура суроо, адатта, туура жооптон да маанилүүрөөк"

- Платон

Адабиятка таянуу

Буга чейинки изилдөөлөрдүн кемчиликтерин аныктоо же эмгекте келтирилген илимий адабиятка таянуу өзгөчө мааниге ээ. Ооболу адабиятты сын көз менен иликтеп чыгуудан баштаңыз; изилдөөңүздүн чөйрөсү боюнча темага жана идеяларга сын көз менен мамиле кылыңыз. Мурдагы илимий изилдөөнүн чечилбеген суроо, парадокс, теориялык карама-каршылык, өксүк маалымат же теманы буга чейинки аңдоодогу калпыс жактар сыяктуу өңүттөрүнүн чектелип калган жагдайларын аныктап алыңыз.

Билимдеги боштукту даана аныктоо өтө маанилүү, анткени ал:

- темага тийешелүү адабияттын башкы корутундуларын синтездейт;
- жаңы изилдөөнүн оригиналдуулугун же “олуттуу маанисин” тастыктап берет;
- изилдөөнү негиздейт жана андагы табылгаларды колдоого алат.

Усулдар

Изилдөө долбоорун жыйынтыктоодогу алгачкы кадам – бул эмне үчүн муну жасадыңыз жана эмнени ишке ащырдыңыз? деген суроонун жообун ачыктап айтуу. Окурманыңызга изилдөөнүн мерчемин жана ага жетүү үчүн колдонулчу усулдарды эскертиңиз. Усулдарды жана алардын чоо-жайын ачыктап бериңиз:

- Кантип, ким, эмнени, каякта, качан, эмне үчүн? – ушулар анык сыпатталса, анда окурман изилдөө долбоорун аңдайт. Методология же теориялык негиз изилдөө долбоорун түшүндүрүп берет. Усулдар ачык, таасын жана кайталанып колдонула тургандай болууга тийиш.

Маселен,

"Бул маалымат топтому гипотезаны текшерүү үчүн талдоого алынган ..."

"Бул маалымат топтому ... менен ...нын ортосунда байланыш бар же жок экендигин аныктоо үчүн талданган."

"Бул ыкма ... маселесин жана ... алардын ... маселесине тийешелүүлүгүн териштирет".

Жыйынтыктар / далил

Жүйөө түзүүнүн кийинки кадамы – бул изилдөө суроосуна жооп берүү жана жүйөөнү колдоо үчүн натыйжаларды камсыз кылууну жана далилдерди талкууга алууну жүзөгө ашыруу. Бул иш-аракет окурманга өзүңүздүн табылгаларыңыз жөнүндө ачыктап берет. Өзүңүз жыйнаган маалымат топтому эмнени көрсөтөөрүн же жаңыдан ачып берип жаткандыгын түшүндүрүү аркылуу өз табылгаларыңызды чечмелеңиз. Чагылдырылып жаткан өңүттөрдү же темаларды аныктап бериңиз. Өзүңүздүн усулдарыңыздын, борбордук өңүттөрүңүздүн, теорияларыңыздын, идеяларыңыздын, тандалган мисалдарды иликтөөлөрүңүздүн, адабиятыңыздын тармактарынын, контекстиңиздин жана башкалардын айланасында өз далилиңизди уюштуруңуз.

Бул бөлүм сиздин диссертацияңыздын (тезисиңиздин) бардыгын камтып туруучу суроосуна же жүйөөсүнө таасын байланышта болууга тийиш. Тыянактарыңызды маанилүүлүгүнө, хронологиялык тартибине карап же каралып чыккан суроолорго ылайык сунуштаңыз. Өз бүтүмүңүз эмнеси менен олуттуу мааниге ээ экендигин ачыктап түшүндүрүңүз.

Натыйжалар сиздин табылгаларыңыздын жана маалымат топтомуңуздун аркасында колдоого алынат

Негизги жыйынтыктарды же жүйөөнү жыйынтыктар бөлүмүнүн башында бериңиз, андан кийин маалымат топтому менен улантыңыз. Маалымат топтому жаатында билдирүүдө чоо-жайлуу бүтөмдөрдү, өлчөөлөрдү жана натыйжаларды бериңиз. Маалымат топтомун жөн эле супсак билдирүү менен чектелбестен, жалпылап, синтездеп жана чечмелеп берүүгө жетишиңиз. Алгач жыйынтыкты айтыңыз, андан кийин аны колдогон маалымат топтомун сыпаттаңыз. Таасын айткыдай болуңуз, натыйжаларды чалды-куйду же татаалдашкан бөлүм кылып жазуудан оолак болуңуз (ашыкча көп сандар, тикелей шилтемелер, статистика же сыпаттамалар ылайыксыз). Маалымат топтомун түшүндүрүү үчүн же изилдөөнүн чордондук көйгөйүнүн ургаалдуу маанисин баса белгилөө үчүн сюжеттик чынжырды сунуштаңыз.

Сандар, жадыбалдар, чийме сызыктар (графиктер) ылайыктуу учурда сунушталышат

- Кайталап жаза берүүгө жол койбоо үчүн татаал маалымат топтомун сандардын, жадыбалдардын же чийме сызыктардын (графиктердин) алкагында бериңиз
- Алар өз алдынча да орун алуу үчүн жетиштүү маалыматты өзүнө камтышы керек
- Булар ар дайым негизги текстте кыскача талкууга алынып жана шилтемеленип турат
- Сүрөттү (же башка тиркемени) анын мазмунун жалпылап аңдатчу аталыш менен коштоңуз
- Тиркелген маалыматты таасын жана ырааттуу жарлыктык сыпаттама жана номурлоо менен коштоо керек
- Тиркелген маалымат жөнөкөй жана чечмелөө үчүн жеңил болууга тийиш (сунушталган көрүнүшү, түс, тамга өлчөмү)

Талкуу жана корутунду

Жүйөөнү жана аны жактоо үчүн колдонулган башкы далилдерди кыскача жалпылап айтыңыз. Маалыматтарды синтездеңиз, чечмелеңиз жана изилдөөнүн маанисин жана жыйынтыктарын түшүндүрүңүз. Талкуу бөлүмү жыйынтыктарды сын көз караштa карап чыгат жана талкуулайт, андан кийин келип чыгышы ыктымал болгон натыйжаларды изилдейт. Бул арга жүйөөнүн маанилүүлүгүн баса белгилейт; ал, окурманга узак мөөнөттүк бекем таасир калтыруу үчүн көбүрөөк илимий жоромол мүнөзүндө болушу мүмкүн. Макала кеңири кызыгууга ээ болгон көйгөйдү баяндоо менен ачылгандын сыңарындай эле, корутунду да тийешелүү макаланы жана жүйөөнү кириш сөздөн талкууга чейин өз ара ширелтчү таасын билдирүү менен аяктоого тийиш.

Корутунду

- Макаланын же диссертациянын түзүлүшүн пландаштырууга өзүнчө убакыт бөлүңүз.
- Жүйөөңүздү натыйжалуу көрсөтүүгө мүмкүндүк берк ала турган түзүлүштү пландаңыз.

- Чоо-жайларды толтуруңуз, табылгаларыңыз көңүлүңүздүн чордонунда болсун
- Эмгекти жазууну ой жүгүрткөндөн кийинки өнүм катары эмес, изилдөө жүрүмүнүн бир бөлүгү катары караңыз.
- Материалыңызды бир нече жолу оңдоп, улам кайра түзөтүүгө белендениңиз
- Текшерип, кылдаттык менен кайра окуп чыгыңыз. Каталарды жаңы (башка) көз менен карап чыгуу – сонун арга (бул кошумча түйшүктү студент, дос, профессор жасай алат).

Өз жүйөөңүздү шардана кылуу жана олуттуу маалымат берүү үчүн кириш сөздүн, ортоңку бөлүмдөрдүн жана корутундунун башын жана аягын колдонуңуз. Ар дайым изилдөө таржымакалын көңүл чордонунда тутуңуз. Стандартташтырылган иш амалдары жөнүндө жазбаңыз же кошумча маалымат кошпоңуз. Адабиятты, усулдарды же теорияны талкуулоодо ток этээрине токтолуп, конкреттүү болуңуз; ар дайым өз жүйөөңүзгө жана изилдөөңүзгө кайрылып, шилтеме кылып туруңуз.

Изилдөө макаласы окурманды негизги идеяга — сиздин чордондук илимий сунушуңузга ынандыруу үчүн кайсы бир суроого багытталат. Мында пикир же изилдөө тажрыйбасы үчүн орун жок.

Адис катары такшала баштаган сайын ушул жүрүмдөн ыракат алыңыз!

## Кошумча адабият:


- White, P. 2008. Chapter 5: Answering research questions: claims, evidence and warrant. In White, P (2008). Developing Research Questions: A Guide for Social Scientists. Palgrave Macmillian.
- Oxford-Brookes University. Argument. https://www.brookes.ac.uk/students/academic-development/online-resources/argument/
- Brandeis University. Elements of an Academic Argument. https://www.brandeis.edu/writing-program/resources/students/academic/drafting-revision/elements-of-academic-argument-humanities.html
- Manchester Academic Phrasebook: https://www.phrasebank.manchester.ac.uk

# 7. Тикелей шилтемелер жана адабиятка шилтеме жасоо

Дарс түрмөгүнүн сыпаттамасы:

Тикелей шилтемелерди (цитаталарды) жана адабиятка шилтемелерди туура колдонуу – илимий изилдөөнүн чынчылдыгынын жана дурус илимий тажрыйбанын өзөккү элементи болуп саналат. Тикелей шилтемелер жана адабиятка шилтемелер окурманга башкалардын ишин үйрөнүү менен канчалык алектенгениңизди тастыктайт; ошондой эле, бул арга – башкалардын жүзөгө ашырган ишине баа берүүнүн бир жолу. Адабиятка шилтемелердин жоктугу же шилтемелердин туура эмес колдонулушу – плагиаттын (уурулуктун) белгиси болушу ыктымал. Плагиаттын ар кандай түрлөрү бар; алар башка бирөөнүн чыгармасын түздөн-түз көчүрүүдөн баштап, жарыяланган тексттерди бөлөкчө сөздөр аркылуу жымсалдап, өз оригиналдуу ишиңиз катары көрсөтүүгө чейинки түрлөрдү камтыйт. Изилдөө чынчылдыгынын принциптерин сактабай коюу – сиздин зоболоңузга жана беделиңизге орчун кесепетин тийгизиши мүмкүн. Бул дарс түрмөгүнүн жүрүшүндө биз плагиат, адабиятка шилтеме жана тикелей шилтеме (цитата) терминдеринин аныктамалары менен тааныштырабыз. Биз плагиаттын ар кандай түрлөрү жана тексттер менен маалымат топтомдорунун булактарына кантип туура шилтеме жасоо керектиги жөнүндө талкуулайбыз.

Тикелей шилтемелер жана адабиятка шилтеме жасоо

Терминдик аныктамалар

Плагиат: башка бирөөнүн эмгегин көчүрүү жана аны өз эмгегиңиз катары шардана кылуу. Бул жорук – башка кишилердин идеяларын аларга упай бербестен, өзүнө энчилеп жалпылоону да камтышы мүмкүн.

Адабиятка шилтеме берүү: бул –идеялардын же маалымат топтомунун булактарын эмгегиңиздин алкагында даана таануүңуз. Шилтемеленгендер – бул сиз окуган жана өз текстиңизде шилтеме кылынган булактар.

Тикелей шилтеме (цитата): текстин ичинде булакка кыскача шилтеме берүү.

Автордук укук: Автордук укук интеллектуалдык (айдыңдык) менчик мүлктү мыйзамдуу коргоо болуп саналат. Кээ бир учурларда автордук укук менен корголгон материалдарды, мисалы, сүрөттү, колдонуу үчүн ээсинен уруксат сурашыңыз керек болот.

Тикелей шилтеме (цитата): бул – булактын сөздөрүн так өзүндөй колдонуу. Тикелей шилтеменин эки тарабына тырмакча коюлат жана андан кийин ал сөз алынган эмгектин барагынын номуру да белгиленген адабияттык шилтеме көрсөтүлүшү керек.

Парафраза (башка сөзгө алмаштырып жазуу): бул – кайсы бир текстти же түшүнүктү (илимий жоромолду) жөнүндө өз сөзүңүз менен баяндап жазуу. Мында адабиятка шилтеме талап кылынат.

Эмне үчүн биз тикелей шилтемени (цитатаны) жана адабиятка шилтемени колдонобуз?

1. Башка кишилердин идеялары жана маалымат топтому үчүн аларга упай (баа) берүү
2. Окурманга идеялардын же илимий жоболордун (түшүнүктөрдүн) узак тарыхы бар таржымакалы менен кантип алектенгенибизди шардана кылуу. Бул арга биздин изилдөөбүз жазылганга чейинки илимий талкуулар жаатында канчалык кабардар экенибизди айгинелеп турат.
3. Тикелей шилтеме (цитата) жана адабиятка шилтеме колдонуу бизге мурдагы теорияларга таянууга жана тийешелүү илимий тармакты жаңы багыттардагы бийик серелерге чыгарууга мүмкүндүк берет.

Биз адабиятка шилтеме жасоо үчүн эмнелерге муктажбыз?

1. Маалыматтын төмөндөгүдөй булактары: жадыбалдар, статистикалык топтомдор, диаграммалар, фотосүрөттөр жана сүрөттөп чагылдыруунун башка түрлөрү.
2. “Белгилүү бир жазуучу же калемгерлер менен байланышкан теорияга, түшүнүккө, калыпка же тажрыйбага кайрылганыңызда;
3. Жарыяланган материалдарга шилтеме жасоо аркылуу өз жүйөөңүздү тастыктагыңыз келгенде;
4. Башка илимпоздордун өз илимий ишиңизге төп келчү же карама-каршы болушу ыктымал болгон темаңызга байланыштуу эмгектерине ишаара кылгыңыз келгенде;
5. Качандыр бир тикелей шилтеме (цитата) же аныктама бергениңиз сайын
6. Башка бирөөнүн чыгармасыын текстин башка сөздөр менен кайталаган учуруңузда;

7. Өзүңүздүн мурдараак жарык көргөн эмгектериңизге шилтеме жасоодо (бул – өзүнө-өзү плагиат болбоо аргасы) [адабиятка шилтеме жасалат].”

Бул ойлор төмөнкү эмгектен адаптацияланды: Neville, C. 2007. The Complete Guide to Referencing and Avoiding Plagiarism. 17-бет.

Илимий чынчылдык

- Адеп-ахлактык (этикалык) жүрүм-турумду жетектөөчү асыл-нарктардын же принциптердин өзөккү жыйындысы

Илимий чынчылдык = изилдөө маалында жана илимий эмгекти жазып жатканда адилет, жоопкерчиликтүү жана чынчыл болуу

Илимий чынчылдыкты бузууга баруу:

- Цензура
- Плагиат
- Коркутуп-үркүтүү / тийишүү
- Идеяларды уурдоо
- Башкалар жараткан эмгекке упай (баа) бербей коюу

Плагиаттын түрлөрү

Тикелей көчүрүп алуу

- o Веб-сайттардан (интернет барактарынан) же онлайн изилдөө макалаларынан тексттерди тырмакчаны колдонбостон жана адабияттык булакка шилтеме кылбастан көчүрүү жана чаптоо
- o Сүрөттү же фотосүрөттү көчүрүү
- o Булаксыз же уруксатсыз эле жадыбалдарды же график чиймелерди көчүрүп алуу
- o Башка киши тарабынан иштелип чыккан компьютердик кодду көчүрүү




Плагиат деген эмне

уурулук

алдамчылык уруксат упай берүү жыйынтыктоо

цитатасыз идеялардын сөздөрү видео

кагаз алдамчылык булак китеп качуу үчүн кайра колдонуу

билимди которуу көчүрүү плагиат

үн тасма журналы автордук укук үзүндүнүн бүтүндүгүн уурдап жатат

туура эмес чечмелөө чынчылдык мүлк (менчик)

ниет шилтеме жалпы Чикаго академиялык цитата этикалык карыз алуу маалыматты коргоо макаласы

- Жеңил парафраз (башка сөз менен үстүрт кайталап жазуу) – бул булакты ачык белгилебестен, андан алынган текстке чакан же өтө кичинекей өзгөртүүлөрдү (б.а. сөздөрдү алмаштыруу аркылуу) киргизүү. Эгерде сиз булакты ачыктаган болсоңуз да, жеңил парафраз ыкмасы, негизинен, илим үчүн кабыл алынгыс жорук.
- Автоплагиат – өз эмгегиңизди көчүрүп алууңуз жана аны оригиналдуу тапшырма же жаңыдан жарыяланчу эмгек катары сунуштооңуз. Мурда жарык көргөн эмгектериңизге кайрылууну чечсеңиз, анда өзүңүздүн мурдагы эмгектериңизге шилтеме жасаңыз.
- Котормодогу плагиат – эгерде сиз кайсы бир чыгарманы башка тилге которсоңуз, анда сиз идеянын түп нускасынын авторунун салымына өз упайыңызды (тийешелүү баañызды) беришиңиз керек.

Жалпы билим

- “Жалпы билим” катары таанылган маалымат үчүн адабиятка шилтеме талап кылынбай.
- Мисалдардан: Монголия өлкөсү Орусия менен Кытайдын ортосунда жайгашкан

Плагиат үчүн айыпталган француз физик илимпозу кадыр-барктуу жумушунан айрылып калчудай

Илимди калайыкка жайылтуучу Этьен Клайн (Étienne Klein) кызматтан кетүүдөн баш тартты жана өзүнүн илимий чынчылдыгы "абсолюттук" деңгээлде сакталган, деп айтты


**French physicist accused of plagiarism seems set to lose prestigious job**

Science popularizer Étienne Klein declines to step down, says his scientific integrity is “absolute”

www.science.org/content/article/french-physicist-accused-plagiarism-seems-set-lose-prestigious-job

**Кошумча адабият:**


- Neville, Colin. 2016. EBOOK: The Complete Guide to Referencing and Avoiding Plagiarism. McGraw-Hill Education (UK), 2016.
- Roig, Miguel. 2006. "Avoiding plagiarism, self-plagiarism, and other questionable writing practices: A guide to ethical writing."
- Gilmore, Audrey, David Carson, and Chad Perry. "Academic publishing: best practice for editors, guest editors, authors and reviewers." European business review (2006).
- Pears, Richard, and Graham J. Shields. Cite Them Right: The Essential Referencing Guide. Eleventh Revised and Expanded ed. London, 2019. Macmillan Study Skills. Web.
- UK Concordat to Support Research Integrity: https://www.universitiesuk.ac.uk/sites/default/files/field/downloads/2021-08/Updated FINAL-the-concordat-to-support-research-integrity.pdf

# 8. Маалыматты сапаттык талдап-серептөө

Сапаттуу изилдөө долбооруңуз маалымат топтомдорунун көптөгөн түрлөрүн сунуштай алат: фотосүрөттөр, видеолор, саясий документтер, тексттер, маек стенограммалары, талаа иликтөөсүнүн жазмалары, ж.б.. Маалымат топтомун талдоо, өзгөчө пайдубалдык деңгээлде алганда, өзүнө чечмелөөнү жана калыптарды же темаларды издөөнү камтыйт. Бул өтө зор көлөмдөгү маалымат топтомун кантип кабыл алып, аны кантип системалуу жана ырааттуу түрдө талдоо керек? Маалымат топтомун талдоо деген эмнени билдирет? Өзүңүз чогулткан маалымат топтомунун негизинде кандай тыянактарды чыгарууга болот? Маалымат топтомун талдоо жүрүмүндөгү теориянын ролу кандай? Бул дарс түрмөгүндө биз маалымат топтомун талдоонун негиздерин жана сапаттык коддоо ыкмаларын талкуулайбыз.

Маалымат топтомуна сапаттык серепп

Изилдөө долбоору

- Илимий долбооруңуздун архитектурасы
- Методологиялык мамиле, концепциялык (илимий түшүнүктүк) алкак жана (илим философиясында) эпистемологиялык (гносеологиялык) негиздер боюнча олуттуу чечимдерди кабыл алууңуз зарыл
- Маалымат топтомун кантип талдай турганыңызды чечүү - изилдөө долбооруңуздун бир бөлүгү -> бул жагдай изилдөө долбооруна киришүүңүздөн мурда каралышы керек.

Сапаттык изилдөө деген эмне?

Ал төмөнкүлөр аркылуу коомдук кубулуштарды аңдоого, сыпаттоого жана кээде түшүндүрүүгө багытталган:

1. Жеке кишилердин же жамааттык топтордун (анын ичинде көп түрлөргө жиктелген калайыктын) турмуштук тажрыйбасын талдоо;
2. Өз ара мамилелерди, карым-катнаштарды, байланыштарды, коммуникацияларды, чыгып сүйлөөлөрдү, жүрүм-турумду талдоо;
3. Документтерди, маданий экспонаттарды (артефакттарды) жана тексттерди (мисалы, текст, сүрөттөр, кино, музыка) талдоо

(Сапаттуу) маалымат топтому деген эмне?

– биздин тажрыйбаны “кыскартуу” –

Bernard et al 2017

– өкүлчүлүктүн (шардана кылуунун) “түрлөрү” –

– Carusi 2008

Биз байкоолорду жана тажрыйбаларды каттап жазуу аркылуу маалымат топтомун түзөбүз

| | | |
|---|---|---|
| **Маек транскрипциясы (стенограммасы)** | **Үндү каттап жазуу** | **Тексттер (анын ичинде веб-сайттар / коомдук медиа)** |
| **Сүрөттөр / тасма** | **Талаа дептерлериндеги жазылгандар** | **Физикалык объекттер** |

Үндү текст кылып транскрипциялоо

- Маекти тасмага жазуунун узактыгынан 4–6 эсе көбүрөөк убакыт талап кылынышы мүмкүн
- медиалык чөйрөнүн (оозеки контексттен текст терилген документке) өзгөрүшүн камтыйт
  - o Мында добуш кыртышы, тил, ымдап-жаңсоо тили, добуш сереси (тону) жок
- Талдооңуз үчүн транскрипциялоонун кереги деле жок!

Сиз тасмадагы үн менен тикелей иштей аласыз

– Контексти жок жасалчу транскрипциялар чечмелөө ишин кыйындатат
– Чыгып сүйлөөнү / баарлашууну талдоо, адатта, чоо-жайы дыкаттык менен чагылдырылчу транскрипцияларды талап кылат

Талаа изилдөө иштеринин жүрүшүндө…

- Изилдөө журналы
  - o Эмне иш кылдыңыз, каякта жана кантип иликтедиңиз; Эмнени окудуңуз; жолугушууларыңыздын кыскача жалпыламасы жана баарлашууларыңыздын мазмуну; жетишкендиктер жана капысынан сүйүнткөн жагдайлар (сюрприздер); таасирге кабылуулар; андан ары тактоо же тереңдеп изилдөө чөйрөлөрү
- Талаа дептериндеги жазуулар
  - o Катышуучу катары байкоо жүргүзүү үчүн чордондук мааниге ээ; окуяларды жана тажрыйбаларды баяндоо; калайыктын айткандарынын сыпаттамасы;
- Эстеп калуу үчүн жазылган учкай тексттер
  - o Жаңы пайда болгон темаларга байланыштуу жаңы идеялар; маалымат топтомунун сапаты жаатында суроо салуу; табышмактуу маселелерди сыпаттап берүү; атаандаш гипотезаларды сыпаттоо

Маалымат топтомун талдоо маалында биз эмне иш менен алектенебиз?

Маалымат топтомун сапаттык жана сандык талдоодо биз темаларды жана калыптарды издейбиз.

- Маалымат топтомун башкаруу жүрүмдөрү – түрлөргө бөлүү, издөө, уюштуруу.
- Маалымат топтомун чечмелөө жүрүмдөрү – кайра айтуу, шарданалап көрсөтүү, “де-коддоо”
- Маектешүүгө чейинки учурдагы документтерди көздөн кечирүүдө да, маек куруу маалында жана талаа иликтөөлөрүндөгү жазуулар учурунда да талдоо (серептөө) иш-аракети баштала алат

- Талдоонун бул баштапкы түрлөрү аңдоонун жаңы маселелерин жана түрлөрүн козгоп чыгат

Талдоо (сереп) дегенибиз – бул...

"Маалымат топтомундагы калыптарды (мыйзам ченемдүүлүктөрдү) издөө жана, биринчи кезекте, бул калыптар эмне үчүн бар болуп жаткандыгын түшүндүрүүгө жардам берген идеяларды издөө."

- Bernard 2006

Кагазга негизделген текстти иштеп чыгуу жана талдоо

1. Кесүү жана түргө бөлүштүрүү: маанилүү тикелей шилтемелерди (цитаталарды) же олуттуу сөз айкаштарын ("үлгүлөр") аныктап, чогуу турчу нерселерди бир топко тизиңиз.
2. Бир топтогуларды жиктеп, темачаларга ажыратыңыз жана алардын өз ара карым-катнашынын чиймесин түзүңүз
   - аракет максаты – мүмкүн болушунча көп темаларды аныктоо болуп саналат
   - темалардын иерархиялык тепкичтерин түзө баштаңыз
   - үлгү же мисал катары көрсөтүлчү учурларды аныктаңыз

Код аркылуу каттоо

- Сүрөттөр
- Аудио (үн) аркылуу иликтөө талаалары
- Чиймелер
- Маек транскрипцисы (стенограммасы)
- Сурамжылап иликтөөлөр
- Маалыматтарды уюштуруу же башкаруу ыкмасы
- Чечмелөөнү жана теорияны кошуу

| | | |
|---|---|---|
| **Маек транскрипциясы (стенограммасы)** | **Үнду каттап жазуу** | **Тексттер (анын ичинде веб-сайттар / коомдук медиа)** |
| **Сүрөттөр / тасма** | **Талаа дептерлериндеги жазылгандар** | **Физикалык объекттер** |

"Илимий эмгектеги темалык идеялардын алкагын түзүү үчүн текстти индекстөө (көрсөткүчтөө) же категорияга (түрлөргө) бөлүү жолу."

– Gibbs; 52-бет

"Тилге негизделген же визуалдык маалымат топтомунун бир үлүштүк бөлүгү үчүн жыйынтыктоочу, көрүнүктүү, маани-маңызды чагылдыруучу жана/же эске түшүрүүчү атрибуттарды символдук түрдө дайындаган сөз же кыска сөз айкаштар".

– Saldana, 2005

Кандай түрдөгү маалымат топтомун код менен белгилесе болот?

“Код – бул изилдөөчү тарабынан түзүлгөн түзүлүш жана ал "маалымат топтомун" символдоштуруп же "которуп" турат..."

"... Ошентип, ал (б.а. код) чечмеленген маанини ар бир жеке маалыматка кийинчерээк калыптарды (мыйзам ченемдүүлүктөрдү) аныктоо, түрдөштүрүү, сунуштарды иштеп чыгууну тастыктоо, теорияларды куруу жана башка серептик жүрүмдөрдү жүзөгө ашыруу максаттары үчүн чегерет".

– Saldana, 2016 (басым жасалчу жагдай кошулду)

Код жасоо стратегиялары

Калыптар үчүн код түзүңүз – иш-аракеттин улам кайталанчу калыптарын, ырааттуулуктарды жана шайкеш келбестиктерди табыңыз

o Ички айырмачылыктарга, маселен, "мектепке болгон мамилеге", карабастан, ар кыл нерселердин түрлөргө бөлүштүрүлүп каралышын өзүнө камтышы мүмкүн

Өзүңүздүн чыпкалоо жана код түзүү усулуңузга этият мамиле кылыңыз

o катышуучунун тилин колдоносузбу? (негизделген теорияны коддоо)

o сыпаттама сөздөрдү колдоносузбу? (сыпаттоочу коддоо)

o Субъективдүү терминдерди колдоносузбу?

Өрнөк (мисал)

“Бул өлкөдө мыйзамсыз иммигранттарга (келгиндерге) орун жок. Аларды курчап алыңыз да, ошол кылмышкерлерди бизге каяктан келчү болсо, ошол жагына кайра жөнөтүңүз”.

Мүмкүн болгон коддор:

- "Орун жок" – (in vivo коддоо, б.а. сөз айкашынан үзүндү берип код түзүү)
- Иммиграция (келгин) маселелери – (сыпаттама түрүндө код түзүү)
- Ксенофобия – (асыл-нарктык мазмунда код түзүү)

Код түзүүнүн көптөгөн жолдору бар!

“Маалымат топтомунун өзөккү маанисин чечмелөө үчүн анын үзүндүсү жөнүндө ой жүгүртүп жаткан чагыбызда, анда биз анын өзөккү маанисинин кодун чечмелеп жатабыз; ал эми анын тийешелүү кодун аныктап, аны жарлыктап белгилеп жаткан учурубузда, анда биз код түзүп жатабыз”.

-Saldana, 2005, 4-бет

Код түзүү – бул жөн гана механикалык жүрүм эмес; ал – маалымат топтомун идеялар менен байланыштыра баштоонун динамикалык жолу.

Код түзүүдөн түрлөргө бөлүштүрүүгө карай

"Сапаты мыкты коддор – изилдөө таржымакалынын маңызын чагылдырышат жана алардын өзөккү өңүттөрү болуп саналышат; бул маңыз жана өңүттөр өз ара окшоштукка жана мыйзам ченемдүүлүккө (калыпка) жараша топтоштурулган тапта, алар категориялардын өнүгүшүн жана, анын аркасында, алардын өз ара байланыштарын талдоо үчүн жигердүү түрдө өбөлгө түзүшөт".

Saldana, 2016, 9-бет.




**Кошумча адабият:**


- Bernard et al 2017. Analyzing Qualitative Data, Systematic Approaches.
- Carusi, A. "Data as representation: Beyond anonymity in e-research ethics." International Journal of Internet research ethics 1.1 (2008): 37-65.
- Saldaña, J. (2015). The coding manual for qualitative researchers. Sage.

# 9. Илимий эмгек жазууда күтүлчү жагдайлар



Илимий эмгек – бул бара-бара тажрыйба аркылуу жетишилчү уникалдуу (көзгө басар) чыгарма ыкмасы. Бул жерде биз илимий адабиятты талкуулайбыз, илимий эмгекти жазуудагы башкы ойлорду баса белгилейбиз, жана ошондой эле эмгектин кыскача мазмунун жазууга машыгабыз. Илимий эмгек жаңы билимди жана ойду тийешелүү окурман чөйрөсүнө жеткириши керек. Биз илимий эмгектин жазылыш максатын, илимий жүйөө кандайча түзүлөөрүн, далилдерди жана талдоолорду таасын шардана кылууну, макала же диссертациянын түзүлүшүн карап чыкмакчыбыз.

Кыскача мазмунду жана сындоо үлгүсүн жазуу тажрыйбасы эмгекти болочокто жарыялоо үчүн жазуу чөйрөсү жаатында жекече түшүнүк жаратып берет.

Бул бизге илимий эмгекти жаратуудагы кыйынчылыктарды аңдообузга жана ал эмгекти ийгиликтүү жазуу үчүн ишенимге ээ болуубузга көмөк кылат. Бул дарс түрмөгү анын катышуучуларына илимий эмгек жазууда ишенимге ээ болууга огожо болмокчу.

Илимий эмгек жаратуу

Илимий эмгек жаңы билимдерди жаратат, талкууну өркүндөтөт жана билимди бекемдейт. Ал изилдөөнүн илимий билдирүүлөрүн документтештирет, негиздейт жана колдоого алат. Илимий макала илимий коомчулуктун өз чөйрөсүндө (жергиликтүү жана эл аралык деңгээлде) жашап калат.

Жүйөө келтирүү өнөрү

Жүйөөлөрдү түзүү изилдөөчүлөр менен алектентет, өз ой-пикирлериңизди шардана кылып, курчутат жана окурмандарга кайрылат. Жүйөө түзүү буга чейин жүзөгө

ашырылган изилдөөлөрдү жалпылоону же ширелтүүнү жана өз илимий сунуштарыңызды колдоо үчүн далилдерди көрсөтүүнү өзүнө камтыйт. Ачык, түз болуңуз – окурмандар жүйөөнү алгачкы абзацтан тартып эле билиши керек.

Илимий эмгек аркылуу баарлашуу

Илимий иш белгилүү бир тармактагы башка изилдөөлөр менен баарлашып турат. Таасын жүйөө (же жүйөөлөр) илимий эмгекти түзүп турат. Илимий эмгек жазуу аракети – бул окуп үйрөнүү / сергек чагылдырып ой жүгүртүү / жаратмандык жүрүмүнүн бир бөлүгү (ал жөн гана ойлорду жазып коюу эмес). Илимий эмгекте тикелей шилтемелер (цитаталар) башка кишилер тарабынан буга чейин жүргүзүлгөн фактарга жана изилдөөлөргө ишаара кылат. Илимий эмгек баарлашуу касиетине ээ – ал коомдук иш-аракет; тексттер илимий мазмундун кыртышында иштешет; алар сиздин илимий коомчулук менен байланышыңызды камсыздашат. Илимий эмгекти жазуу учурунда башкалардан өз макалаңызды сын көз караштa окуп чыгууларын жана эмгегиңизге жаңы өңүттүк саамалыктарды сунуш кылууларын өтүнүңүз.

Сергек мамиле жана Сиздин илимий эмгегиңиз

Жаңыдан жаратылып жаткан жана өнүктүрүлүп жаткан билимге байланыштуу өзүбүз жүзөгө ашыра турган усулдардын, асыл-нарктардын, бир беткейликтердин жана чечимдердин туш кылчу болжолдуу натыйжалары жөнүндө сергек мамиледе ой жүгүртүңүз. Кайсы бир изилдөөчүлөрдүн өздөрүнүн жекече саясий, маданий жана социалдык контекстинен кабардар болуңуз.

Бул турум өзүбүздүн ким экенибизди, кайдан келгенибизди жана социалдык жана таалимдик кыртышыбызды да өзүнө камтыйт.

Изилдөөнү үч башка өңүттөн жүргүзүүңүз керек: көп нуктуу усулдарды, маалыматтык булактарды жана теориялык мамилелерди пайдалануунун аркасында ишенимдүү бүтүмдөрдү жасоону камсыз кылыңыз.

Бардык маалымат топтомдорун мүмкүн болушунча улам-улам текшериңиз. Изилдөөңүз башталгандан бери башка кандай жаңы илимий эмгектер жарыяланып кеткендигине көңүл буруңуз.

Эмгек түзүлүшү жана белги коюу

Абзацтын түзүлүшү




Сабырдуу болуңуз жана эсиңизде тутуп туруңуз!

Көз караш айтыңыз, далил бериңиз

Түшүндүрүңүз, шилтеме кылыңыз (PEEL – Көз карашыңызды айтыңыз, далил көрсөтүңүз, түшүндүрүңүз жана байланыштырыңыз)

- Муну жасоонун көптөгөн жолдору бар, бирок негизинен…
- Көз караш айтуу (көрсөтүү), далилдөө, түшүндүрүү
- Сиздин оюңуз эмне – аны таасын билдириңиз
- Сиздин көз карашыңыздын учурда бар далилдери кайда?
- Бул көз караш өз жүйөөңүздү кандайча колдойт жана изилдөөңүздүн суроолоруна кантип жооп бере алат?

www.phrasebank.manchester.ac.uk

Кыскача мазмунду даана кылып түзүңүз

Эмнени айткыңыз келип жатат? Сиздин илимий чөйрөңүз (аудиторияңыз) кимдерден турат?

Журналисттик мамиле жасоодон алыс болуңуз. Кыска сүйлөмдөрдү, азыраак (ток этээрин туюнтчу) сөздөрдү колдонуңуз; сөздү эч кайталабаңыз – тикелей сүйлөңүз.

Илимий ишти документтештириңиз (дарекке байлаңыз). Эгерде талаа иштерин жүргүзүү же маек уюштуруу маалында сурамжылангандар жалпы көлөмдүн 30 үлүшүн (n = 30) түзсө, анда бул көлөм ишенимдүү деп эсептелет. Бул сан ар кандай илимий тармактарда ар башка болушу ыктымал.

Илимий эмгекти жазууда киришүү менен корутундуну илимий талкуу аркылуу өз ара байланыштырыңыз.

Тикелей шилтемелер (цитаталар) мурда жүзөгө ашырылган жана учурдагы изилдөөлөрдөгү жүйөөлөрдү тастыктайт жана алар тандалган темага тийешелүү болуга тийиш.

Кыскача мазмун (реферат) – сиздин ишиңиздин кыска-нуска баяны; анда контекст, усулдар, изилдөө, натыйжа камтылган. Маселен:

"Дүйнөлүк кургак жерлер жамааттарды жана ландшафттарды кайра куруу мүдөөсүнө кызмат кылган ресурстарды казып алуу үчүн 1 триллион доллардан ашык инвестицияны камтыйт. Монголиянын Гоби чөлүндө тоо-кен өнөр жайынын эбегейсиз зор көлөмдөгү казуулары социалдык көйгөйлөрдү жана экологиялык өзгөрүүлөрдү алып келет; бул жагдай көчмөн мал чарбачылыгы менен тоо-кен өнөр жайынын жанаша жашай алышаарына шек жаратууда. Компания менен жергиликтүү коомчулуктун кагылышуусу жалпы көрүнүштөрдөн болгонуна карабастан, жаңыдан пайда болуп жаткан алкактар жана ортомчулук калыптары тоо-кен өнөр жайы менен жергиликтүү коомчулукту камтыган баш оорудан арылуунун атаандаш жолдорун сунушташууда.

Бул жерде биз Монголиянын Ханбогд сомонундагы (ооданындагы) өзгөчө зор көлөмдөгү Оюу-Толгой кенинин иштөө шартында малчылар туш болгон экологиялык өзгөрүүлөрдү изилдейбиз.

Маектер, талаа изилдөөлөрү жана климаттык өзгөрүүлөрдү эсепке алуу аркылуу чогултулган социалдык-экономикалык жана физикалык маалымат топтомдорун колдонуунун аркасында биз жергиликтүү калайыктын тоо-кен өнөр жайынын өзгөчө зор көлөмдөгү казып алуу иштерине катышуусун жана ыңгайлашуусун таразаладык.

Сапаттык жана сандык иликтөө ыкмаларын айкалыштыруу бизге тоо-кен казуу иштеринин малчылардын жашоо-тиричилигине жана жайыт жерлерине тийгизген таасирин комплекстүү түрдө изилдөөгө мүмкүндүк берди.

Бул изилдөө малчылардын, өкмөттөрдүн жана тоо-кен жайларынын жайыт малчылыгын кайра калыптандыруудагы ролуна ар тараптуу бааны айгинелеп турат. Биз иликтөө үчүн тандап алган мисалыбызда Ханбогд (Хан-Богд) сомонунда кен казуу менен малчылык жанаша жашай алаарын жана жанаша жашап жатышкандыгын аныктадык. Бул – кеңири таркалган пикирлерге карама-каршы келет. Арийне, көйгөйлөр дагы эле орун алып келет жана алар олуттуу көңүл бурууну талап кылууда".

Төмөнкү макаладан алынды: by Sternberg et al (2022), Herd It in the Gobi: Deserting Pastoralism?

Каармандык кылыңыз!

Турмуштук маалымат

Оригиналдуу болуңуз – мурдагы теманы же ыкманы туурабаңыз же көчүрүп албаңыз. Сунушталчу жүйөө өзүңүздүкү гана болууга тийиш; ал ким / эмне тууралуу өзүңүз жаңыдан эле окуп алган нерсе эмес. Окурман жергиликтүү контекстти буга чейин эле билет ко, деп ойлобоңуз. Сүрөттөр жана жадыбалдар текстке ширелтип киргизилет. Алар тексттин тийешелүү жеринде, маселен, (1-сүрөт) же (2-жадыбал) ж.б. түрдө белгилениши зарыл. Балким, окурманга мазмунду жакшыраак аңдоосу үчүн карта сунуштоо керектир? Грамматиканы, сөздү тандоону, сүйлөмдөрдү ж.б. кылдат текшериңиз. Англис текстинде, маселен, англис тили үчүн интернеттик редакторду колдонууну көңүлдө тутуңуз. Тикелей шилтемелер (цитаталар) илимий журналдын стилине төп келиши керек. Мындай маалыматтын баары онлайн табылат; илимий журналдын өз интернет барагында камтылчу "Авторлор үчүн нускамаларды" кылдат окуңуз.

Адистик сын пикир

Адистик сын пикир (рецензия) – бул илимий макаланын сапатын жана оригиналдуулугун камсыз кылуу үчүн тийешелүү тема боюнча адистердин бул макаланы баалоо жана сындоо жүрүмү. Эки же андан көп илимпоз жарыялоо үчүн сунушталган макаланы илимий журналдар үчүн сын көз менен таразалап чыгышат. Алар макала жаатында чоо-жайынан бери белгилеп, жеке сын пикирин билдиришет жана баа беришет; андан соң алар макаланы кабыл алуу, кайра карап чыгуу же таптакыр четке кагуу жөнүндө чечим кабыл алышат. Сын пикир ээлери изилдөөнү, текст жазууну, сандык көрсөткүчтөрдү, эмгектин түзүлүшүн ж.б. жагдайларды жакшыртуу жолдорун сунушташат. Бул жүрүм алиги илимий ишти башка тийешелүү изилдөөлөр менен байланыштырат.




Биз адистик сынга ишенебиз



Адистик сын пикир даярдоо жүрүмү

Илимий макала журналга берилгенден кийин, бул адистик сын пикир даярдоо – макаланы карап чыгуу жүрүмүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Сын пикир ээлери (рецензенттер) – тандалган тема боюнча адистер; алар макаланы жакшыртуу мүдөөсүндө жекече баа беришет, сын пикир жазышат жана сунуштарды киргизишет. Макалага карата пикирлер изилдөө, текст жазуу, сандар же эмгектин түзүлүшү боюнча сунушталышы мүмкүн. Бул чыгармачыл жүрүм сапатты камсыз кылат жана макаланы башка тийешелүү изилдөөлөр менен байланыштырат. Сын пикир ээлери андан кийин макаланы кабыл алуу, чакан же ири көлөмдөгү оңдоолор үчүн автор(лор)уна кайтаруу же таптакыр четке кагуу жаатында өз чечимдерин чыгарышат. Сиз сын жаза турган адис илимпоздорду өзүңүз эле журналга сунуштай аласыз.

Адистик сын пикир алуу иши бир нече айга созулушу мүмкүн; эгерде 4-6 айдан кийин деле чечим жок болчу болсо, анда илимий журналдын редактору менен байланышыңыз. Башка ишкердик калыбына ылайык, ачык журналдар кыйла

тезирээк адистик сын пикир уюштуруу жүрүмүнө ээ болушу ажеп эмес. Автор тарабынан оңдоо киргизүүлөр бир айга жетпеген убакытка гана созулууга тийиш.

Жырткыч сымал журналдар

Жырткыч сымал журналдар илимий чөйрөдө макала жарыялоо зарылдыгынан пайдаланып келишет. Алар сапаты төмөн, ошондой эле соода-сатыктан пайда көздөгөн компаниялар болуп саналышат; алар макаланы жарыялагандыгы үчүн автордон акы төлөтүп, акча табуунун аркасында гана жашап келишет. Сиздин макалаңызды жарыялап беребиз деп сунуш кылган жырткыч журналдар – алдамчылар! Мындай макала дагы, аны жарыялаган басма ээси дагы эч кандай кадыр-баркка ээ эмес жана алар сиздин зоболоңуздун өсүшүнө огожо боло алышпайт. Сиз оболу журналда сапат белгиси катары таасир фактору (Impact Factor) бар же жогун текшерип алыңыз.

Эч кандай плагиат, көчүрүү-жабыштыруу болбосун!

• Көз ачып-жумгуча майнапсыз аяктоо

• Журналдар алдын-ала текшерүү үчүн компүтердик программалык камсыздоого ээ

• Көчүрүү-жабыштырууга жол берилбейт




Контекст сөздөр сегиз киргизүү сүйлөмдөр

Жүз сексен изилдөө жүз кырк абзац

Максималдуу минималдуу жыйынтык киришүү

Көнүгүү

Илимий макала үчүн болжолдуу кыскача мазмун жазууга машыгыңыз. Сунушталган калып (формат):

- эң көп дегенде 140-180 сөз
- бардык сүйлөмдөр 8 же андан аз сөздөн турат
- мазмунду (контекстти), усулдарды, изилдөөнү, натыйжаны киргизиңиз

Стандарттык илимий адабияттын форматы өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Киришүү / адабиятты сын пикир менен кароо – теманын жана суроонун алкагын көрсөтөт, изилдөөнүн себептерин аңдатат, макаланын башкы жүйөөлөрүн баяндайт жана эмне үчүн бул илимий макала маанилүү экендигин жана тийешелүү адабиятка негизделгендигин түшүндүрөт.

- Илимий адабиятка сереп салуу – сиз салым кошуп жаткан илимий тармакта иштелип чыккан тийешелүү жарыяланган изилдөөлөрдүн жана билимдердин кыскача жалпылама мазмунун камсыздайт. Адатта ал тематикалык тартипте болот. Бардык изилдөө материалдары жана каралып жаткан башка эмгектер макаланын текстинде шилтемелер аркылуу эскерилиши керек жана жалпы библиографиялык тизмеде да көрсөтүлүүгө тийиш.

- Методология – изилдөөчү өз изилдөө жүргүзүүсү үчүн эмне иш кылганын чоо-жайына чейин түшүндүрөт. Изилдөөнүн ар кандай өңүттөрү: эмгектин түзүлүшү жана убакыттык чен-өлчөмү, жайгашкан жери, изилдөө топтору же катышуучулар, өзгөрмөлөр, изилдөө шарттары, аткарылган иштер ж.б. даана сыпатталышы керек. Маалыматтарды талдоо усулдары айырмаланып көрсөтүлүүгө тийиш..

- Жыйынтыктар же анализ (талдоо; сереп) – изилдөөнүн жыйынтыктарын сыпаттайт. Оболу өтө маанилүү, чордондук илимий табылгаларыңызды сыпаттап бериңиз, андан соң алда канча четкирээк натыйжаларга сереп салууга өтүңүз.

Маалымат ошондой эле маалымат топтому, жадыбалдар, сандар жана тикелей шилтемелер (цитаталар) түрүндө да шардана кылынышы ыктымал. Коомдук илимдер боюнча журналдарда талдоо жана талкуу өз ара бөлүнүп берилбейт. Изилдөө темалары адабиятты сын көз менен талдоо бөлүмүндө каралган илимий эмгектер менен тыгыз ширелтилип чагылдырылат.

- Талкуу – макаладагы талкуу бөлүмү илимий табылгалардын болжолдуу оош-кыйыш таасирлерин, анын ичинде бул изилдөөнүн темасы боюнча мурдараак белгилүү болгон нерселерге жаңы иликтөөнүн тийгизчү таасирин жана бул жаңы билимдин турмуштук тажрыйбадагы колдонулушун талдап карайт. Ал ошондой эле жүзөгө ашырылган изилдөөнүн кубаттуу жана чабал жактарын түшүндүрүп, келечектеги изилдөө багыттарын сунуштай алат. Ал кескин сунуштарды таңуулабайт жана көз караштты да кескин билдирбейт.

- Корутунду – бул бөлүмдө Сиз макалаңызды жана табылгаларыңызды жалпылап жыйынтыктаңыз.

- Шилтемелер тизмеси / библиографиялык тизме – бул бөлүм макалаңызда жасалган бардык шилтемелердин чоо-жайларын камтыйт.

**Кошумча адабият**


- Academic Writing Resources. Cornell University. https://gradschool.cornell.edu/academic-progress/office-of-academic-and-student-affairs/academic-writing-resources/
- Academic Writing. EAP Foundation. https://www.eapfoundation.com/writing/what/
- Writing Resources. Harvard University. https://writingcenter.fas.harvard.edu/pages/resources
- Academic phrasebank. University of Manchester. www.phrasebank.manchester.ac.uk
- Oxford Writing Programme. https://oxfordwritingprogramme.org/resources/
- Academic Writing – Oxford Library Guides. https://ox.libguides.com/education/academic-writing
- Academic writing resources. Simon Fraser University.

  https://www.lib.sfu.ca/about/branches-depts/slc/writing

# 10. Илимий эмгегиңиздин түзүлүшүн даярдоо

Хелен Сворд айым өзүнүн “Татыналап илимий эмгек жазуу” (Helen Sword. “Stylish Academic Writing”; 2012) деп аталган китебинде Жозеф М. Уильямстын (Joseph M. Williams): “Окурмандарыбыздын алдында өзгөчө таасын жана чоо-жайлары саймедирленип берилген проза жазуу боюнча адеп-ахлактык милдетибиз бар”, – деген сөздөрүн тикелей шилтемелеп келтирет. Сөздүн таасын жазылышы жана окурмандын эмгеккке арбалышына жетишүү илимий эмгекти жазууда өтө маанилүү орунга ээ. Арийне, бул элементтер көп учурларда текст жаргондор жана өтө татаал сүйлөмдөр менен коштолгондуктан жоголуп да кетет.

Бул дарстык түрмөктө биз илимий эмгектин түзүлүшүн даярдоонун ар кыл жолдорун шардана кылабыз. Биз татаал ойлорду таасын чагылдырууну жана ар дайым окурманды эске алып турууну үйрөнүүнүн өзгөчө маанисин баса белгилейбиз. Макаланы татына стилде жана түшүнүктүү кылып жазууну үйрөнүү иши дагы Сизден көп окууңузду жана жазуу техникаңызды өркүндөтүү боюнча ырааттуу машыгууңузду талап кылат.

Макалаңыздын түзүлүшүн даярдоо

“Сүйлөм кубаттуураак түзүлгөндө, адатта, ал кыскараак боло түшөт. Демек, кыска-нускалык – бул күч-кубаттын кошумча өнүмү”.

-William Strunk, The Elements of Style




“Көпчүлүк окурмандар жакшы чыгарма деп санаган нерселер менен адатта илимпоздор өндүргөн жана жарыялаган нерселердин ортосунда эбегейсиз зор ажырым бар”.

- Helen Sword, Stylish Academic Writing, 3-бет.

Сергек ой-калчоо көнүгүүсү:

1. Илимий эмгек жазуунун максаты эмнеде?
2. Сиздин окурмандык чөйрөңүз (аудиторияңыз) кимдерден турат?
3. Илимий эмгек жазууда кандай көйгөйлөргө жана чакырыктарга туш болосуз?

Жергиликтүү / улуттук стилдин элементтери

- Сиздин аймагыңыздын же өлкөңүздүн кээ бир стилдик элементтери кайсылар?
  - Поэзия, метафоралар, идиомалар жөнүндө ой калчап көрө аласызбы?
  - Кээ бир мисалдарды жазыңыз жана бөлүшүңүз.

Көйгөй (чакырык): Илимий жанрда, бирок таасын, окурманды өзүнө арбаган жана талдагыч жол менен эмгек жаратуу.

Кантип?

- Кеңири окуңуз
  - Сыйлыкка татыган илимий китептер
  - New York Times
  - The New Yorker
- Жазыңыз, дагы жазыңыз, улам жаза бериңиз
  - Эмгек жазуу – бул чебер кол өнөрчүлүк жана ал узак убакыт менен тынымсыз аракетти талап кылат
- Кишилерден өз илимий эмгегиңизди окуп, ал тууралуу пикир билдирүүсүн өтүнүңүз
- Изилдөө долбооруңуз же макалаңыз үчүн аталышты ойлонуңуз
  - Аталышта 10 же андан азыраак сөз камтылышы керек
  - Ал окурмандын көңүлүн өзүнө буруугa тийиш
  - Ал изилдөөнүн же макаланын өзөккү идеясын элге жеткириши керек

Бирок... деги мен макаланы кантип жазам?

- Маалыматтарды талдоо менен баштаңыз

О Сиздин негизги темаларыңыз кандай?

О Сиздин темаларыңыз академиялык адабиятка кандай байланышы бар

- Сиздин маалыматтарыңызга тиешелүү негизги адабияттарды чечиңиз

- Өзүңүздүн башкы жүйөө(лөрү)ңүздү иштеп чыгыңыз
- Кайсы бөлүмдү эң алгач жазышыңыз керектигин тактап чечиңиз

o Кээ бир кишилер алгач турмуштук тажрыйбага таянган бөлүмдөрдү жазуудан башташат

o Башкалары киришүү жана адабиятты сын көз менен талдоо бөлүмдөрүнөн башталат

o Өзүңүз чечүүгө тийишсиз!

o Мерчемделген илимий журналыңызда жарыяланган макалалардын түзүлүшүнө кылдат көз салыңыз

Англис тилинде макала жазуу үчүн элементтер, 1

– Жигердүү үн колдонуңуз (б.а. чыйрак болуңуз)!

o Автоунаа кушту сүзүп кетти. Куш автоунаа тарабынан сүзүүгө дуушарланды ЭМЕС.

– Ар бир сүйлөмдө ээси, аныктоочу жана баяндоочу таасын жазылууга тийиш. Эгерде алар бүдөмүк болсо, анда алиги сүйлөмдү башкача кайталап айтыңыз же кайрадан башка нукта жазыңыз.

– Чубалжыган сүйлөмдөн же өз ара байланышы жок көп сүйлөмдөрдөн жаа бою качыңыз.

– Эмгекти жазуудан оболу анын планын түзүңүз

Англис тилинде макала жазуу элементтери, 2

– Абзацтар 1 гана негизги ойду же идеяны талкуулашы керек
– Илимий сунуш-жоромолдор далилдер менен бекемделиши керек
– Жалпылоодон алыс болуңуз
– Жазуу техникасы жана стили илимий тармакка жана макаланы кабыл ала турган журналга көз каранды!

o Антропология илим тармагы мейкиндикти изилдөө илим тармагынан таптакыр айырмаланат.

**Кошумча адабият:**


- McPhee, J. 2015: Omission: Choosing what to leave out. The New Yorker. Vol 91 (27).
- Sword, Helen. Stylish Academic Writing. Cambridge, MA, 2012
- Wallwork, A. and A. Southern. 2020. 100 Tips to Avoid Mistakes in Academic Writing and Presenting. Springer.
- Additional advice: https://pages.stern.nyu.edu/~wstarbuc/Writing/Fussy.htm#First
- Royal Literary Fund: Writing Essays - https://www.rlf.org.uk/resources/writing-essays/
- Harvard College Writing Center, Strategies for Essay Writing: https://writingcenter.fas.harvard.edu/pages/strategies-essay-writing

# 11. Илимий макаланы жарыялоо үчүн журнал тандоо

Жарыялоо үчүн илимий журналды тандоо макала жазуу жүрүмүнүн башатында орун алышы абзел. Сиз максатыңызга төп болчудай 2–3 журналды карап чыгып, тийешелүү журналдын интернет барагынан авторлор үчүн сунушталган кеңири маалымат менен таанышып алууңуз зарыл.

Ар бир журналда сөз узундугу, форматтоо жана адабиятка шилтеме жасоо стили боюнча конкреттүү талаптар бар. Журналды тандоодогу өзөккү маселе – бул сиздин макалаңыз менен журналдын тематикасынын өз ара төп келиши.

Көптөгөн макалалар редакторлор тарабынан четке кагылып турат, анткени сунушталчу макала журналдын өздүк бейнесине же максаттарына төп келбей калышы ажеп эмес. Бул дарстык түрмөктө биз макала жарыялоо үчүн журналды тандоо жаатындагы сунуштарыбыздын өзөккү жагдайларын ачыктап беребиз. Андан тышкары биз интернеттеги баарына жеткиликтүү, ачык жарыялоо жаатындагы жаңы саамалыктар жөнүндө талкуулайбыз.

Сиз макалаңызды жарыялоого даярсызбы?

- Сиздин илимий эмгегиңиз учурдагы билимге, теманы аңдоого же талдоого жаңы салым болуп саналабы?
- Сиз өз окурман чөйрөңүз (аудиторияңыз) кимдерден тураарын билесизби?
- Макалаңызды сын көз караштагы досуңузга кылдат карап чыгуу жана анын пикирин угуу үчүн жөнөттүңүз беле?
- Макалаңызды оңдоону жана соңку ирет дааналап окууну жүзөгө ашырдыңыз беле?
- Макалаңызда илимий адабиятка шилтемелер кылдат берилгенби?

Жарыялоо түрүн тандоо

- Блог
- Редакциялык же журналдык макала
- Иш кагазы (иш документи)
- Китептин бир бөлүмү (бабы)

- Илимий журнал: Атайын чыгарылыш
- Илимий журнал: Көз карандысыз тапшырылган макала
- Илимий журнал: Кыскача кабар же кыстарма макала
- Илимий журнал: китепке сын пикир

Бир эле автор (Лезак), эки түрдүү басылма

Land журналы – илимий макала

High Country News апталык гезити

Same author (Lezak), two different types of publications



Open Access | Article

**Re-Placing the Desert in the Conservation Landscape: Charisma and Absence in the Gobi Desert**

by Stephen Lezak

School of Geography and the Environment, University of Oxford, South Parks Road, Oxford OX1 3QY, UK

*Land* **2019**, *8*(1), 3; https://doi.org/10.3390/land8010003

Received: 1 December 2018 / Revised: 25 December 2018 / Accepted: 28 December 2018 / Published: 29 December 2018

(This article belongs to the Special Issue Arid Land Systems: Sciences and Societies)

View Full-Text | Download PDF | Browse Figure | Citation Export

*Land* - academic article



MENU | HighCountryNews | SUBSCRIBE | THE MAGAZINE | DONATE NOW

WILDLIFE

**Wild horses, buffalo and the politics of belonging**

*On the Wind River Indian Reservation, two animals slip between the cracks of what is wild and what isn't.*

Stephen Lezak

Dec. 1, 2021

A couple of years ago, Patti Baldes' phone rang. "Patti? The buffalo are out," said someone from the Wind River Reservation's Tribal Fish and Game Office. "Are they yours or are they Jason's?"

*High Country News* magazine

Илимий журналды тандоо – аны кантип табуу керек?

- Макалаңыздын библиографиялык тизмесин окуңуз. Алар кайсы илимий журналдарда жарык көрүшкөн?
- Интернет аркылуу журнал табуу аспабын колдонуңуз
  - Elsevier сунуштаган журнал табуу аспабы: https://journalfinder.elsevier.com/
  - Эркин ачылчу (Open Access) журналдардын каталогу: https://doaj.org/
  - Илимий бирикмелердин басылмаларын кылдат караңыз
  - Азия таануу бирикмесинин басылмасы -> Journal of Asian Studies
  - Көчмөн элдер боюнча комиссиянын басылмасы -> Journal of Nomadic Peoples
  - Падышалык антропологиялык институттун басылмасы -> Journal of the Royal Anthropological Institute

Илимий макалалардын түрлөрү

Ар бир илимий журналга жараша журналдык макалалардын бир нече айырмалуу түрү бар.

Алар төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Изилдөө макаласы – оригиналдуу жана мурда жарыяланбаган эмгек жөнүндө баяндоо. Журналга тапшырыла турган макала адабиятка шилтемелери менен кошо  <8,000 сөз көлөмүндө болууга тийиш.
- Кыскача билдирүүлөр – бул илимий изилдөөнүн кыска-нуска, толук сыпатталышы. Кыскача билдирүүлөр, адабиятка шилтемелерди жана тиркемелердин (жадыбал, сүрөт, график ж.б.) кыска аталыштарын кошпогондо, 2400 сөздөн ашпоого тийиш.
- Чыгармага сын пикир макалалар – Учурдагы маалымат топтомун, аныкталган темаларды же жаңыдан келип чыккан изилдөө тармактарын, ал эми айрым учурларда – темалардын тарыхый өнүгүшүн сын көз менен баалоо эмгеги.
- Талкуулоо макалалары – мурдараак жарыяланган макалалар жаатындагы пики рлерди камтыйт; ал <4000 сөз көлөмүндө жазылат.
- Китепке сын пикир (сереп салуу) – 1500 сөздөн ашпоого тийиш.

Илимий журналдардын өрнөктөрү




Nomadic Peoples (“Көчмөн элдер”) илимий журналы: https://www.whp-journals.co.uk/NP/about/submissions Nomadic Peoples




Journal of Arid Environments: “Ариддик айлана-чөйрөлөр журналы” (“The Journal of Arid Environments”) деп аталган илимий журнал – бул дүйнөдөгү кургакчыл аймактардагы курч илимий, айлана-чөйрөлүк, экологиялык жана адамзаттык-жаратылыштык байланыш көйгөйлөрү жаатында оригиналдуу ой чабытты камсыздаган жогорку сапаттагы изилдөө макалаларын басып чыгаруучу эл аралык журнал. Бул илимий басылма дүйнөдөгү кургакчыл аймактар дуушар болуп келе жаткан татаал илимий жана коомдук маселелерди жакшыраак аңдоо үчүн жүргүзүлгөн илимий тармактар аралык изилдөөнү өзгөчө баалайт. Ага сунушталчу макалалар өтмүштөгү, азыркы учурдагы же болочоктогу кургакчыл жана жарым-жартылай кургакчыл чөйрөлөргө өзгөчө таандык болгон олуттуу изилдөөлөрдү өзүнө камтууга тийиш.

Кошумча маалымат үчүн караңыз:

https://www.elsevier.com/journals/journal-of-arid-environments/0140-1963/guide-for-authors

“Ариддик айлана-чөйрөлөр” (“Arid Environments”) журналынын авторлорго эскертүүсү: Макалалар эл аралык ургаалдуулукка ээ болушу керек жана таасын шардана кылынган максаттарды, илимий жоромолдорду (гипотезаларды) көрсөтүүгө же изилдөө суроолорун чечүүгө тийиш. Макалалар учурдагы билимди өркүндөтүүгө же эл аралык илимий чөйрөгө кайрылууга тийиш.

Макалаңызды каякка тапшырышыңыз керек?

Маанилүү эреже: Сиз бир макалаңызды бир эле журналга жөнөтө аласыз!

- Макалаңыз журналдын тематикасына жана максаттарына өзгөчө төп келүүгө тийиш

o Адабиятка шилтемелериңизде кайсы журналдар камтылган?

- Өз илимий чөйрөңүз (аудиторияңыз) жана салымыңыз жөнүндө таразалап ойлонуңуз

o Сиздин макалаңызга сын пикир жазчулар кимдер болмокчу?

- Эгерде өз макалаңыз алда канча кеңири алкакты талкуулабастан, жергиликтүү аймагыңызга гана ашкере назар салып жаткан болсо, анда бул макалаңызды өз аймагыңыздын көйгөйлөрү чагылдырылган жергиликтүү журналга жайгаштырууңуз мүмкүн.
- Сиз алектенип жаткан илимий адабият жана идеялар өзгөчө мааниге ээ!
- Бул жагдай сиздин макалаңызды журналдарда орун алып жаткан алда канча кеңири талкуунун жайытына жайгаштырат.

"Таасир фактору" деген эмнени туюнтат?

- Тийешелүү журналдын башка журналдарга карата таасирин көзөмөлдөө үчүн эсеп жүргүзүү
- Британдык-америкалык “Clarivate Plc” сереп компаниясына таандык “Журналдарга шилтемелер баяндамасы” (Clarivate's Journal Citation Reports; JCR) жарыялап турчу баяндамаларга таянуу
- Оксфорд университетинин Томас Бодли атындагы китепканасынын (Oxford Bodleian Library) жолдомосуна караганда, “Таасир фактору JCR тарабынан катталган бир жылдагы шилтемелердин санын андан эки жыл мурда жарык көргөн макалалардын жалпы санына бөлүү аркылуу эсептелет”.
- Таасир фактору олуттуу мааниге ээби?

o Ооба... жана жок.

o Кээ бир илимий журналдар таасир факторуна жетишүү үчүн өтө эле чакан болушу ыктымал.

- Илимий журналдын өз илимий тармагындагы аброю жана анын өзүнүн окурмандар чөйрөсү жөн гана эсепке алынчу таасир факторуна караганда алда канча маанилүүрөөк өңүттөрдөн болушу деле мүмкүн.

Интернеттеги ачык жеткиликтүүлүк мүмкүнчүлүгүн ойлонуштуруп көрүү

- Каржылоочулардын улам көбүрөөк сандагы өкүлдөрү басылмалардын интернеттеги жеткиликтүүлүгүнүн ачыктыгын талап кылышууда
- Интернеттеги ачык жеткиликтүүлүк өтө кымбатка турушу мүмкүн
- Интернеттеги ачык жеткиликтүүлүк – бул кимдир-бирөө эч кандай жазылуу акысын төлөбөстөн, илимий журналдан өзүнө керектүү чыгарманы бекер жана тоскоолсуз жүктөп ала алат, дегенди туюнтат.
- “The Directory of Open Access Journals” деген журналдык каталог бул ачык сунушталган журналдарды издөө үчүн интернеттик маалымат кампасы менен жабдыйт

Жырткыч сымал журналдардан сак болуңуз!

Сиз, макалаңызды редакцияга тапшыруудан оболу, жарыялоонун баасын алдын-ала текшериңиз. Кээ бир журналдар авторлор үчүн акысыз; ал эми көптөгөн журналдар азыркы тапта жарыялоо үчүн акы талап кылышууда. "Ачык жеткиликтүүлүк" макалалары, адатта, кымбатка турат: авторлор же алардын университети акы төлөөгө тийиш!

Эгерде кайсы бир журнал макалаңызды басып чыгаруу сунушун билдирсе, сак болуңуз. Канчалаган жырткыч сымал журналдар бар, алар акча төлөп койсоңуз эле каалаган макалаңызды жарыялай салышат. Макалаңызды жөн келди жарыялайм деген мындай сунуш – алдамчылык!

Бул сыяктуу журналдар кадыр-баркка ээ эмес; мындай жарыялоо сиздин зоболоңузга көмөк кыла албайт. Таасир факторун текшериңиз – жырткыч сымал журналдар таасир факторуна ээ эмес.

Илимий макаланы журналга тапшыруу боюнча кеңештер

Аннотация (кыскача мазмун) – 100–150 сөздүн кыскача баяндамасы жана 4–6 сандагы "ачкыч сөздөр" тизмеси

Англисче (English). Кол жазмалар англис тилинде болушу керек жана бул жагынан кабыл алынууга татырлык стандартка ээ болууга тийиш (макалаңызды тапшыруудан

мурда англисчени өз эне тили катары сүйлөгөн киши бул кол жазмаңызды окуп чыгышы зарыл).

Аноним кол жазма. Анонимдүү калыстарга пикир жазуусу үчүн уруксат берүү максатында аты-жөнүңүздү жана автор өзүн-өзү аныктоочу шилтемелерди макалаңыздан алып салыңыз.

Макаланы жөнөтүүнүн чоо-жайын билүү үчүн байланышыңыз. Авторлор эмгекти редакцияга тапшыруу жүрүмүнө, кол жазмасынын макамына же журналдын иш амалдарына байланыштуу суроо-сопкуттарды журналдын редакциясына жөнөтө алышат.

Редакторго (редакцияга) кат. Макаланы жөнөткөн соң, Сизде редакторго кат жазуу мүмкүнчүлүгү бар. Биз Сизге макалаңызды карап чыкканы үчүн ага ыраазычылык билдирген кыска кат жазууну сунуштайбыз; ошондой эле катыңызда эмне үчүн бул макалаңыз журналдын тематикасына жана окурмандар чөйрөсүнө (аудиториясына) ылайыктуу деп санаарыңыз жөнүндө кыскача түшүндүрмө бере кетиңиз.

# 12. Илимпоздук өмүр баяныңызды жана эл аралык изилдөөчүлүк бейнеңизди даярдоо

Илимий кызмат орундары барган сайын курч атаандаштыкка байланып калды. Times басылмасынын жогорку билим берүүгө арналган көрсөткүчү (TIMES Higher Education) 2020-жылы маалымдаганына караганда, илимий чөйрөдө калып иштөөгө кызыгуунун кеңири жайылганына карабастан, “PhD даражасына умтулган бүтүрүүчүлөрдүн 70 пайызы үч жарым жылдын ичинде илимий чөйрөнү таштап кетишкен”. Илимий мекемелерден тышкаркы чөйрөлөрдө деле изилдөө компоненти камтылчу көптөгөн мыкты кызмат орундары бар болсо да, эл аралык чөйрө жана илимий тармак үчүн илимпоздук бейнеңизди (профилиңизди) түзүү жана өз илимий ишиңиз үчүн таанылууга жетүү барган сайын олуттуу мааниге ээ болууда. Бул дарстар түрмөгүндө биз интернеттеги онлайн аспаптар жана тыгыз катышуу, адистик тармак түзүү жана өз изилдөө ишиңизди колдоого алуу аркылуу эл аралык изилдөөчүлүк бейнеңизди жакшыртуунун бир катар жолдорун талкууга алмакчыбыз.

Өз илимий таржымакалыңызды (CV, резюмеңизди) жана эл аралык изилдөө бейнеңизди түзүңүз

Оксфорд университетине караштуу адистик өсүү жаатында кеңеш берүү кызматынын (Oxford Careers) эң башкы кеңештерине назар салыңыз: (https://www.careers.ox.ac.uk)

- Өз өмүр таржымакалыңыздын кыска сыпаттамасы (CV) тийешелүү илимий чөйрөгө таасын багытталышына жетишиңиз.
  - Илимий эмес иш тажрыйбаңызды же сабактан тышкаркы иш-чараларыңызды бул сыпаттамага киргизүүнүн эч кажети жок

- Чакырылган семинарларыңызды же илимий жыйындардагы баяндамаларыңызды айырмалуу темага топтоңуз.
- Үй-бүлөлүк абалыңызды же балдарыңыздын санын кошпоңуз – бул маанилүү эмес
- Жарык көргөн эмгектериңиз өзгөчө маанилүү. Алардын ичинен адистик сын аркылуу талданып жаткандары, басмадан жарыкка чыгууга жакындап калгандары жана башка жагдайлары жөнүндө да эскертип жазыңыз.

Өмүр таржымакалынын узундугу жана ал камтый турган элементтер

| Element | Description |
|---|---|
| Personal Details | Name, Address, Professional Email, Website |
| Career Summary | 5-7 sentences to summarise your expertise and key achievements |
| Education | Overview starting from most recent academic degree in reverse chronological order |
| Publications | List most reputable publications first, followed by books, book chapters, reports etc |
| Research | Describe separate research projects, methods, research interests and key accomplishments |
| Honors/Awards/Funding | Prizes, awards, honors and funding you have won |
| Teaching | List teaching experiences and classes taught or designed |
| Admin Experience | Describe academic admin experience including committee work |
| Professional Experience | Describe consulting or other professional work associated with your expertise |
| Professional Affiliations and Memberships | List all membership |

Кесиптик уюмдарга мүчөлүк

- Илимий жыйындарга конок ээси (уюштуруучу) катары катышуу
- Өнөктөш болуп жаткан журналдар
- Адистик тармактык мүмкүнчүлүктөр
- Каржылоо мүмкүнчүлүктөрү
- Маалымат үлөшүү
- Азия изилдөөлөр жамааты (Association for Asian Studies)
- Улуу Британиядагы Падышалык антропологиялык институт (Royal Anthropological Institute)
- Улуу Британиядагы Падышалык географиялык коом (Royal Geographical Society)
- Борбордук Евразия коому (Central Eurasian Society)
- Азиялык чектеш жерлер тармагы (Asian Borderlands Network)
- Америкалык монгол таануу борбору (American Center for Mongolian Studies)

LinkedIn

- o Илимпоздор тарабынан дүйнө жүзүндө кеңири колдонулат
- o Жаңы жарык көргөн эмгектер + соңку окуялар жөнүндө билип алыңыз
- o Ишиңизди жана изилдөөңүздү колдоого алыңыз

Бейнеңиз чагылдырылчу кошумча маалымат булактары

- – Google scholar
- – OrchidID
- – ResearchGate
- – Academia.edu
- – Scopus

# Авторлор тууралуу кыска маалымат

## Мунх-Эрдэнэ Гантулга

Мунх-Эрдене Гантулга (*Munkh-Erdene Gantulga*) мырза – "Ички Азиядагы пандемиядан кийинки коомдор" долбоорунун тең изилдөөчүсү. Ал Оксфорд университетинин география жана айлана-чөйрө мектебинин философия доктору (PhD) наамынын изденүүчүсү.

Ошондой эле ал Монгол улуттук университетинин антропология жана археология кафедрасынын ага окутуучусу, “Монголиянын антропологиялык жамааты” бирикмесинин жооптуу катчысы. Ал Монгол улуттук университетинин социалдык жана маданий антропология бөлүмүндө этнология боюнча бакалавр жана социалдык антропология боюнча магистр даражасына, ошондой эле Австралиядагы Мельбурн университетинде өнүгүүнү таануу адистиги боюнча дагы бир магистр даражасына ээ болгон.

Анын илимий изилдөө багыттары Монголиядагы “ниндзя-кенчилердин” (б.а. жеке кара күчүнө таянып алтын казгандардын) социалдык турмушунун көйгөйлөрү, улутчулдук, маданий мурас, дүйнөлөшүү, капитализм, өнүгүү жана тоо-кен өнөр жайы маселелерин камтыйт. Ал Монголиянын жана Кытайдын бир нече аймактарында заманбап антропологиялык ыкмаларды колдонуу менен талаа иштерин жүргүзүп келди жана улуттук жана эл аралык басылмаларда 20дан ашуун китеп бөлүмдөрүн жана макалаларды жарыялады.

## Ариэл Ахерн

2004-жылдан бери Доктор Ариэл Ахерн (*Ariell Ahearn*) айым Монголиянын элет жеринде көчмөн малчылардын жамааттарын ичтен иликтеп, жайыт жерди пайдалануу, коомдук өзгөрүүлөр, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу жана элетти өнүктүрүү көйгөйлөрүн чагылдырган кеңири изилдөө жүргүзүп келди.

Ал катышуучу катары этнографиялык байкоо жүргүзүү, маек куруу, картографиялык иликтөө жана иликтенип жаткан турмушка сүңгүүчү

(иммерсивдүү) талаа иштери сыяктуу ыкмаларды колдонуу менен сапаттуу изилдөө жүргүзүүгө адистешкен. Ал изилдөөлөрдү оң маанайдагы коомдук таасир көрсөтчү серегe чыгарууга айрыкча кызыгат. Анын адистик тажрыйбасы Монголиядагы социалдык таасирди баалоо боюнча улуттук саясаттын алкактарын иштеп чыгуусуна алып келди.

Ал адамзат жана айлана-чөйрө географиясы тармактарында көп эмгектерди жарыялап келди. Ариэл айым ошондой эле Көчмөн элдер боюнча комиссиянын төрайымынын милдетин аткаруучу жана Көчүп-конгон элдер жана жаратылышты коргоо жаатындагы Дана декларациясы боюнча Туруктуу комиссиянын тең төрайымы кызматтарын аркалап келет.

## Трой Стернберг

Кеңири өлчөмдөгү саякат Доктор Трой Стернберг (*Troy Sternberg*) мырзанын чөлдүү аймактарды, андагы айлана-чөйрөнү жана кишилерди изилдөөсүнө түрткү болду. Кургакчыл жерлердин көп түрдүүлүгүнө жана түркүн маданиятына болгон кызыгуусу анын Гоби чөлүндөгү малчылардын жайыт чөйрөсү боюнча доктордук диссертация жазуусуна түрткү болду.

Оксфорд университетинин географы болуу менен бирге, ал Борбор Азиядагы жана Монголиядагы иликтөөлөр, эл аралык кызматташуулар, ошондой эле Кытай, Индия, Жакынкы Чыгыш жана Африкадагы талаа изилдөөлөрү аркылуу дагы чөлдүү аймактарга багытталган темаларды изилдөөнү улантып келет.

Трой мырза өзүнүн жарыялаган илимий эмгектери, илимий карым-катнаштары жана Оксфорд университетинде уюштурулган чөлдүү аймактар жаатындагы жыйындардын түрмөгү аркылуу кургакчыл аймактардагы заманбап өзгөрүүлөрдү жана чечилүүгө тийиш болгон көйгөйлөрдү баса белгилеп чагылдырууда.

(Китептин эң акыркы бетинде)

*Илимий-жамаагаттык колдонмо*

Гантулга, Мунх-Эрдэнэ; Ахерн, Ариэл; Стернберг, Трой.

Илимий макала жаратуу жана аны эл аралык чөйрөгө жеткирүү: (Жаш илимпоздор үчүн колдонмо) / Авторлор тобу:  Мунх-Эрдэнэ Гантулга, Др. Ариэл Ахерн, Др. Трой Стернберг; англис тилинен кыргызчага которгон – профессор Тынчтыкбек Чоротегин (Чороев); жооптуу ред. Др. Кемел Токтомушев. – Бишкек: Борбордук Азия Университети, 2024. –  xxx бет, сүрөт.

Gantulga, Munkh-Erdene; Ahearn, Ariell; Sternberg Troy.

Creating a Scientific Article and Delivering It to the International Audience: (A Guide for the Young Scholars) / The authors: Munkh-Erdene Gantulga, Dr. Ariell Ahearn, Dr. Troy Sternberg; Translated from English into Kyrgyz by Professor, Dr. Tynchtykbek Chorotegin (Tchoroev); edited by Dr. Kemel Toktomushev. – Bishkek: University of Central Asia, 2024. – ?? pages, ill.

ISBN

Мукабаны жасалгалаган:   XXXXXX

Компүтерге терген:

А5 формат

Нускасы:    ?????  даана

Басма дареги:  XXXXXX

Бишкек шаары, Кыргыз Республикасы

Уюкфон:

Э-дарек: